74.1
Р 55

Т. Д. РИХТЕРМАН



# МЕКТЕП ЖАШЫНА ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫН УБАКЫТ ЖӨНҮНДӨГҮ ТҮШҮНҮКТӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

Т. Д. РИХТЕРМАН

# МЕКТЕП ЖАШЫНА ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫН УБАКЫТ ЖӨНҮНДӨГҮ ТҮШҮНҮКТӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

БАЛДАР БАКЧАСЫНЫН
ТАРБИЯЧЫЛАРЫ ҮЧҮН
КОЛДОНМО

ФРУНЗЕ
«МЕКТЕП» 1985

74. 113. 8
Р 55

Которгон Т. Мамытов

**Рихтерман Т. Д.**

Р 55 Мектеп жашына чейинки балдардын убакыт жөнүндөгү түшүнүктөрүн калыптандыруу: Балдар бакчасынын тарбиячылары үчүн колдонмо. /[Котор. Т. Мамытов].— Ф.: Мектеп, 1985.— 52 бет.

Бул колдонмодо мектеп жашына чейинки балдардын убакыт жөнүндөгү түшүнүктөрүн калыптандыруу боюнча «Балдар бакчасындагы тарбиялоо программасына» ылайык методикалык сунуштар, ошондой эле аларды убакытты сезе билүүгө тарбиялоонун иш-ыкмалары берилди.

Р $\frac{4305000000-235}{М452 (17)-85}$ 46. 85 ББК 74. 113. 8

Рецензенти *Т. Калмырзаева*

© Издательство «Просвещение», 1982 г.
© «Мектеп» басмасы, кыргызча котормосу, 1985 ж.

## КИРИШ СӨЗ

«Балдар бакчасындагы тарбиялоо программасында» балдардын убакытка багыт алуусун өнүктүрүү каралган. Бул бөлүмдүн киргизилиши бир топ себептер менен шартталган. Окуялардын, бизди курчап турган дүйнөдөгү кубулуштардын бардыгы белгилүү убакыт ичинде өтө тургандыгы менен биз аларды тааныштырабыз. Реалдуу кубулуштун оошкондогу убактылуу мүнөзүн, алардын созулушун, бири биринин улануу тартибин, өтүү ылдамдыгын, кайталануудагы кезегин жана ритмин мектепке чейинки балдарга көрсөтүп жана түшүндүрүп берүү зарыл.

Мектепке чейинки балдар убакытты өздөрү айырмалап, аны өлчөп, созулушун сезе билип, сүйлөгөндө аларды туура атап, убакыт боюнча өздөрүнүн иштерин жөнгө салып жана пландаштырып, калган убакыттын болушуна жараша өздөрүнүн аракетинин темпин жана ритмин өзгөртүп үйрөнүүсү турмуштук зарылчылык болуп эсептелет. Өз аракеттерин убакытка карап жөнгө салуу жана пландаштыруу баланын мектепте окуп жүргөндө жана ошондой эле күндөлүк турмушунда тыкан, жыйынтыктуу, максатка багытталуу, так болуу сыяктуу өтө зарыл сапаттарынын өсүшүнө негиз түзөт.

Ошону менен бирге убакыттын спецификалык өзгөчөлүгү объективдүү реалдуулук катарында балдардын кабыл алуусун кыйындатат. Убакыт дайыма кыймылда, анын агымы дайыма бир багытта — өткөндөгүдөн келечекке карай өтүп турат, ал кайталангыс, аны токтотууга, кайрууга жана «көрсөтүүгө» болбойт. Ошондуктан мектепке чейинки балдардын улуураактары да убакыттын болушунан күмөн санап: «Эгер убакыттын бар экендиги чын болсо, аны мага көрсөтчү,» — деп сурашат.

Балдарга убакытты кантип көрсөтүүгө болот?

Балдар убакытты турмушта дайыма кайталанып туруучу кубулуштардын жана иш-аракеттердин бирдиктерин жана катыштарын конкреттештирүү аркылуу кабыл алышат. Өз тажрыйбаларынын негизинде убакытты ажырата билүүгө машыгуудан убакыттын аралыктары балдардын түшүнүгүндө ушунчалык тактык менен калыптанат. Ошондуктан балдарды узактыкты, удаалаштыкты, иш-аракеттердин түрдүүлүгүн өлчөөгө жана аныктоого боло турган убакыт аралыгы менен тааныштыруу керек.

Убакыт чендеринин ар бири (минута, саат, сутка, апта, ай, жыл) өткөн чен бирдиктеринен куралып, кийинкилеринин негизин түзүүчү убактылуу эталондун белгилүү системалары болуп эсептелет. Ошондуктан балдарды убакытты өлчөөнүн бирдиктери менен тааныштыруу абдан так системада жана ырааттуулукта жүргүзүлөт: мында убакыт аралыгынын бирин, аларды аныктоонун

жана өлчөөнүн мүмкүндүктөрүн билүү кийинкиси менен таанышуу үчүн негиз түзгөндөй, ошондой эле балдарга убакыттын маанилүү мүнөздөрүн — анын алмашышын, үзгүлтүксүздүгүн, кайталанбастыгын ачып билгендей болууга тийиш.

Мына ушундан улам балдарды убакыттын кайсы чендери менен жана кандай ырааттуулукта, чендин кайсынысынан баштап тааныштыруу керек деген суроо туулат.

Балдардын үйдөгү жана бала бакчадагы күндөлүк турмушунда эртең мененки убактын, күндүн, түндүн реалдуу узактыгы балдардын түшүнүгүндө белгилүү даражада эрте кабыл алына баштайт. Ошондон улам педагогдун кенже группаларда эле балдардын сутканын бөлүктөрү тууралуу билимин тактап, конкреттештирип, аларды таанып билдирүүгө көнүктүрүүнү калыптандырууга жана аларды туура ататууга мүмкүнчүлүктөрү бар. Ортоңку группаларда болсо балдардын бул билгендерин тереңдетип жана кеңейтип, сутканын бөлүктөрүнүн ырааттуулугу жана жалпы эле сутка тууралуу түшүнүктөрдү берүү өтө зарыл. Улуу группаларда жана мектепке даярдоочу группаларда болсо балдардын билиминин негизинде календардын жардамы менен аларды апта, ай, жыл менен тааныштырууга болот. Ошону менен бирге эле аларды убакытты өздөрү сезе билүүгө тарбиялоо, убакыт чендеринин 1, 3, 5, 10 минута, жарым саат, бир саат сыяктуу бөлүктөрүнүн узактыгы менен тааныштыруу зарыл. Убакыт тууралуу бул түшүнүктөрдүн бардыгын сабак окутуу процесстеринин негизинде калыптандыруу керек.

Ар кандай иште балдарды туталанта турган кырдаалдар, убактылуу мамилелер жеңил-желпи жана жөн салды гана компоненттер болуп кала берет. И. П. Павловдун окуусу боюнча анчамынча дүүлүктүргүч жашырын түрдө убактылуу байланыштарды түзүүгө катышканы менен, ар бирин өзүнчө алып караганда өзүнөн кийин эч кандай реакцияны пайда кылбайт. Ошондуктан убакыттын жана анын белгилүү бөлүктөрүнүн кезектелип келишин балдардын көңүлүн бурдуруучу нерсе кылып, ал үчүн убакыт аралыктарын жана алардын бири-бири менен байланыштарын өлчөп көрсөтүүгө багытталган куралдардын жардамы менен ишти уюштуруу керек. Ишти мындайча уюштуруу убакыт жөнүндөгү түшүнүктөрдү калыптандыруу үчүн бир кыйла жагымдуу шарт түзөт.

Бул колдонмо автордун көп жылдык иш тажрыйбаларынын жана анын жетекчилиги менен жүргүзүлгөн практикалык иштердин негизинде жазылган. Мында убакыт жөнүндөгү балдардын билиминин мазмунунун кээ бир өзгөчөлүктөрү айкындалып, бала бакчанын кенже группаларына сутканын бөлүктөрү тууралуу түшүнүктөрүн калыптандыруу тажрыйбалары баяндалат, ортоңку группадагыларга сутканын бөлүктөрүнүн жана сутка жөнүндө ырааттуулуктар көрсөтүлүп, жашы улуу группадагыларды жана мектепке даярдоочу группаларды календарь менен тааныштыруу боюнча иштеринин жана убакыт боюнча сезимдерин туура өнүктүрүү боюнча иштердин системасы көрсөтүлдү.

## 1-глава

## БАЛДАРДЫ СУТКАНЫН БӨЛҮКТӨРҮ МЕНЕН ТААНЫШТЫРУУ

Убакытты өлчөө үчүн дайыма кайталанып туруучу кубулуштар: Жер шарынын бир суткада өз огунда айланышына, Айдын Жердин айланасындагы кыймылына, ошондой эле Жердин Күндүн айланып чыгышына шартталган күн менен түндүн алмашып турушу, айдын фазаларынын өзгөрүшү, жыл мезгилдеринин кезектешиши кабыл алынган.

Жер шарынын өз огунда бир жолу айланышынын узактыгы бир суткага барабар. Демейдеги турмушта «сутка» деген сөздүн ордуна көпчүлүк учурда «күн» деген сөз колдонулат. Тагыраак айтканда, күн деген бул—Күн чыккандан тартып батканга чейинки убакыттын созулушун билдирет. Жер шарынын ар кайсы бөлүгүндө жана жылдын ар кыл мезгилдеринде күндүн жана түндүн узактыгы ар түрдүү, ошондуктан убакытты өлчөө үчүн «күн» жана «түн» деген түшүнүктү эталон катары кабыл алуу жарабайт. Сутка убакыттын чени катары 24 саатка барабар сандык мүнөзгө ээ, ошондуктан убакыт сутка менен өлчөнөт. Бул убакытты өлчөөнүн биринчи табигый бирдиги болуп эсептелет.

Сутканы эртең менен, күндүз, кеч, түн деп төрт бөлүккө бөлүү кабыл алынган. Аны мындайча бөлүү, биринчиден, күндүн ар кандай абалына карата жердин үстүңкү бетинин, аба мейкиндигинин жарык болуп турушуна, айдын, жылдыздардын пайда болуп жана көрүнбөй калышына, бизди курчап турган айлана-чөйрөдөгү объективдүү өзгөрүүлөргө байланыштуу болсо, экинчиден ал сутканын ар кыл бөлүгүндөгү адамдардын аракеттеринин алмашуусуна, эмгегинин жана эс алышынын кезектешип турушуна байланыштуу болот. Сутканын ар бир бөлүгүнүн узактыгы ар кандай, ошондуктан алардын алмашып турушу шарттуу түрдө кабыл алынган.

С. И. Ожеговдун орус тилинин сөздүгүндө сутканын ар бир бөлүгүнө төмөнкүдөй аныктама берилген: күн — сутканын эртең менкиден кечке чейинкиси, кеч — сутканын күн баткандан түн киргенге чейинки бөлүгү, түн — сутканын кеч киргенден таң атканга чейинки маалы, эртең менен — бул күндүн башталышы.

Балдарды сутканын бөлүктөрү менен тааныштырууда убакыттын ар бир аралыгын алардын өздөрүнө гана таандык аракеттерине жана белгилерине карап сутканын ар бир бөлүгүнүн: эртең менен, күндүз, кеч жана түн деп туура ажырата билүүгө жетишүү менен гана чектелүү керек. Ошондуктан балдардын убакыт

жөнүндө түшүнүгүн өстүрүү үчүн «Балдар бакчасындагы тарбиялоонун программасында» мектепке чейинки кенже группаларга сутканын айрым бөлүктөрүн ажыратууга үйрөтүү, ал эми ортоңку группаларда болсо мына ушулардын негизинде сутканын бөлүктөрүнүн жана бүтүндөй сутканын алмашышы (сутканын бири башкасын алмаштырып, жаңы күн келери), узактыгы менен тааныштыруу сунуш кылынат.

Эмпирикалык тажрыйбалардын процессинде, сутканын бөлүктөрү тууралуу билимге бөбөктөр өз алдынча ээ боло албайт. Муну ар кыл курактагы балдардын түшүнүктөрүн изилдөөдөгү натыйжалар ырастап отурат.

Биз балдардын убакыттын тигил же бул бөлүктөрү үчүн мүнөздүү болгон аракеттери боюнча сутканын бөлүктөрүн кандайча аныктап, сутканын бөлүктөрүнүн аттарын кантип билерин, күн бою убакытты кандайча боолголорун айкындап көрдүк. Биз балдардан: — Апаң сени бала бакчага качан алып келет? Бала бакчада силер качан уктайсыңар? Бала бакчадан сени качан алып кетет? Үйдө сен качан уктайсың? деп сурап көрдүк.

Биз ошондой эле сутканын ар бир бөлүгүнө мүнөздүү кыймыл-аракеттин түрлөрү тартылган төрт сүрөттүн жыйындысын пайдаландык (1, 2, 3, 4-сүрөт). Сүрөттөрдү балдарга кезеги менен көрсөтүп: — Бул качан болот? — деп сурадык. Сүрөттө тартылган кыймыл-аракеттердин мазмунуна жана кээ бир объективдүү көрсөткүчтөргө карап, балдар убакытты аныктап жана айтып берүүгө тийиш эле. Мындай изилдөө бала-бакчадагы балдардын бардык группаларында өткөрүлдү.

Мында, а түгүл биринчи кенже группалардагы балдар да өздөрүнө жакшы тааныш жана дайыма кайталанып туруучу кыймылдарга карата убакытты аныктоого ийгиликтүү аракеттерди жасашкандыгы белгилүү болду. Биз аларга мазмуну боюнча жакын жана түшүнүктүү сүрөттөрдү көрсөтүп, аларда эмнелер тартылганын тактап, андан соң: «Булар качан болот?» деген суроо бердик. Балдар убакыт маалын аныктоого аракеттенип, алар негизинен күндү жана түндү аташты. Эгерде сүрөттө күндүзгү жарыктагы активдүү аракеттердин бардыгы чагылдырылган болсо, балдар аны күн деп, ал эми күңүрт же электр жарыгы тийип турган керебет тартылган сүрөттү түн деп аташты. Өмүрүнүн үчүнчү жылында балдардын ой жүгүртүүсүнүн конкреттүүлүгү сүрөткө түшүрүлгөн аракеттерди өздөрүнүн турмушунда көргөндөрү менен айкалыштырып билгендигинде, мисалы: «Мындайлар биз бала бакчадан үйгө келатканда болот. Түн ичинде апам экөөбүз келебиз» (б. а. кышкы кечте); «Бала ботко жеп жатат. Мен да күндүз ботко жейм». Ушул сыяктуу сүрөттүн мазмунун өзүнүн тажрыйбасы менен салыштыруу башка курактагы группаларда сейрек гана учурайт.

Жалпысынан группаларда аракет мөөнөтүн (сутканын бөлүктөрүн) сүрөт боюнча аныктоодо төмөнкүдөй закон ченемдүүлүк байкалды (мында, мектепке чейинки ар бир курактан ондон группа алдык).

| Группалардын курагы | Туура атаганы (процент менен) | | | |
|---|---|---|---|---|
| | эртең менен | күндүз | кеч | түн |
| Экинчи кенже | 42 | 15 | 30 | 65 |
| Ортоңку | 63 | 32 | 52 | 84 |
| Улуу | 75 | 35 | 54 | 87 |

Алты, жети жаштагы балдардын берген жоопторунда айырмачылык байкалган жок, ошондуктан таблицада улуу группа боюнча орточо көрсөткүч берилди.

Мындан биз кенже жана улуураак жаштагы группадагы балдардын сутканын ар кандай бөлүктөрүн ажыратууда жана атоодо анча айырмачылык жок экендигин көрдүк. Бала бакчаларда программага ылайык сутканын бөлүктөрүн ажыратуу жана анын аттары менен тааныштыруу боюнча иштердин жүргүзүлгөндүгүнө карабастан мектепке чейинки эс тартып калган балдардын 35 проценти гана сутканын күндүз деп аталган бөлүгүн туура ажырата алышты. Мында кеп балдардын «эртең менен» жана «түн» деген атоолорду үйлөрүндө чоң кишилерден, ошондой эле бала бакчаларда көбүрөөк уккандыгында. «Түнүңөр бейкут болсун», «Кутмандуу күнүңөр менен» деп апалары көбүрөөк айтат, ал эми тарбиячылар болсо «Эртең менен бала бакчага кел» дешет. Мындан тышкары эртең мененкиге жана түнгө туруктуу иш-аракеттердин түрү мүнөздүү (туруу, кийинүү, гимнастика жасоо, түнкү уйку). Ошондой эле эртең мененки убакытты жана түндү ажыратууда типтүү объективдүү көрсөткүчтөр: терезенин ары жагындагы жарык же караңгы, күндүн же айдын чыгышы көмөк берет. Булардын бардыгы күндөлүк турмуштун жүрүшүндө балдарга сутканын бөлүктөрүн ажыратууга жана атоого активдүү жардам берет.

Сутканын бөлүгү катары күндү жана кечти ажыратууда жана атоодо балдар көбүрөөк кыйналышат. Бул түшүнүктөр жөнүндө балдардын билиминин көлөмү бир группадан экинчи группага өткөндө анчалык көбөйбөйт. Кыязы балдардын бул сөздөрдү сейрегирээк угушканынан болуу керек, анын үстүнө «күн» деген сөз ар кандай мааниде (күн — сутка, сутканын жартысы жана сутканын бөлүгү сыяктуу) колдонулат. Убакыттын бул аралыктарына көп кырдуу иш-аракеттердин түрлөрү мүнөздүү, алардын чектери бүдөмүк, объективдүү көрсөткүчтөрү (жайында кечки маалга, кышкысын күндүзгү маалга) өтө салыштырмалуу. Ошондуктан балдардын активдүү сөздүгүндө «күндүз» жана «кеч» деген сөздөр өтө сейрек кездешет.

Ошону менен бирге балдардын сөздүгүндө бул сөздөр жана атоолор кездешпесе да, балдардын убакыт аралыктары тууралуу түшүнүгү жок деп айтууга болбостугун талдоолор көрсөттү. «Күндүз» жана «кеч» деген сөздөр көп учурда ошол убакытта болгон конкреттүү аракеттерди алмаштыруу менен көрсөтүлөт («Күн — биз тамактанган маал», «Кеч — мага апам келген учур» ж. б. у. с.). Айрым учурда балдар: «Булар качан болот?» деген

суроого жооп берүүдө кыйналышат. Себеби «качан?» деген суроолуу сөздүн маанисин түшүнүшпөйт. Булар менен биз жашы жагынан бардык группалардан, айрыкча кенже жаштагы балдардан кездештирдик.

Ортоңку группаларда биз балдардын сутканын бөлүктөрүнүн ырааттуулугу боюнча билимин текшердик. Алардын теңи гана сутканын бөлүктөрүнүн ырааттуулугун туура аныктап жана негиздей алышты, мисалы: «Эртең мененден кийин күндүз, анан кеч, анан түн, ошентип күн бүтөт, анан кайрадан таң атат» дешти. Мектепке чейинки ортоңку группаларга алардын ырааттуулугун жана убакыттын өтүшүн өздөштүрүү жеңил. Бирок алардын көбүнүн сутканын бөлүгүнүн ырааттуулугу жөнүндө түшүнүгү «таң эртең менен» деген менен байланышат. Аларга сутканын бөлүктөрү тартылган сүрөттөрдү түндөн баштап ирээти менен коюу сунуш кылынганда («Мен түн тартылган сүрөттү койдум. Сен андан кийин кайсы сүрөттү коёсуң?») балдар: «Мындай болбойт, анткени түндөн кийин эчтеке жок?» же «Мындай болбойт» деп жооп беришти. Алар түн менен сутка бүтөт жана эртең менен кайра башталат деп түшүнүшөт.

Сутканын бөлүгүнүн ырааттуулугун белгилөө үчүн биз балдарга 1—4-сүрөттүү картиналарды сунуш кылдык. Бул сүрөттөрдү карап жана «Булар качан болот?» деген суроого жооп берүү менен балдар аларды сутканын бөлүктөрүнүн көрсөткүчтөрү катары кабыл алып, сутканын бөлүктөрүнүн атын атап беришти. Мына



1-сүрөт



2-сүрөт



3-сүрөт



4-сүрөт

ушул эле сүрөттөрдүн кайсынысы мурда, кайсынысы кийин келерине карата жайгаштыруу сунуш кылынганда, балдар аларды сүрөттөгү аракеттерге ылайык ирети менен коюп чыгып, анан буларды мындайча түшүндүрүштү: «Адегенде бала уктайт, анан гимнастика жасайт, анан тамак ичет, анан ойнойт». Балдар сүрөттөрдүн ыраатын сутканын бөлүктөрүн белгиленген каражаттар катары кабыл албастан, аларды конкреттүү сюжеттүү аракеттер катары кабыл алышты, башкача айтканда, негизинен алар убакыт көрсөткүчтөрүн байкоого албастан аракеттердин чагылдырылышына таянышты. Көзгө көбүрөөк тааныш аракеттер жана конкреттүү элестер объективдүү көрүнүштөрдү — мейкиндиктин, айдын, жылдыздын (түндүн) жарыкташыш даражасын көмүскөдө калтырды.

Ошондон улам сутканын бөлүктөрүн таанытуу жана үйрөтүү процессинде күндүн ар кандай убактагы жайгашыш абалын, жердин, асмандын ар кандай жарыктануу күчүн, ошондой эле сутканын ар кандай бөлүктөрүнүн бизди курчап турган айлана-чөйрөдөгү түрдүү боёкторунун, айырмачылыктарын чагылдырган объективдүү көрсөткүчтөрдү көбүрөөк пайдалануу зарыл. Мисалы, эртең мененки убактагы көгүлтүр түстүн басымдуу болушун, күндүзгү сары түстү, кечки бозомтук жана түнкү кара түстү көрсөтүүгө болот. Түстөрдүн белгилери сутканын ар кандай бөлүктөрүнүн көрсөткүчтөрү боло алат, б. а. сутканын ар бир бөлүгүн — анын түстүү гаммасын чагылдыруучу модель катары түстүү бел-

гилерди (мисалы, көк, сары, боз жана кара түстөгү квадраттарды) колдонууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Ушундай түстүү белгилер менен күндүн ар кандай жайгашышына жана жер бетинин жарыктаныш даражасына карата сутканын эң негизги белгилерин чагылдырууга болот. Жалпылаштырылган белгилер сутканын бөлүктөрүн айрып таануу үчүн, ошондой эле алардын ортосундагы ыраатуулукту аныктоо үчүн көрсөтмө материалдын милдетин аткара алат, балдардын сутканын узактыгы тууралуу түшүнүгүн кеңейтүүгө көмөк берет.

Мектепке чейинки балдардын сутканын бөлүктөрүн ажыратууга, атоого жана алардын ыраатын билүүгө көнүктүрүүдө төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөрдү белгилөөгө туура келет: 1) сутканын бөлүктөрүнүн аталышын үйрөнүүдөгү бирдей эместиктер; 2) аракеттердин мүнөздүү түрлөрүнө жана конкреттүү белгилерине байланыштуу сутканын бөлүктөрүн чоң кишилер атагандай баарынан мурда ажыратып айтуу; 3) сутканын бөлүктөрүнүн көрсөткүчтөрүнүн бөбөктөрдүн аракеттеринде жана турмушунда көргөн тажрыйбаларга дал келиши; 4) эреже катары сутканын бөлүктөрүнүн удаалаштыгын эртең менентен баштап аныктоо.

Мына ушул өзгөчөлүктөрдөн улам, биз сутканын бөлүктөрү, анын ыраатуулуктары, алардын алмашышы тууралуу балдардын билимин калыптандыруу боюнча иштердин методун белгиледик.

Убакыт балдар тарабынан кандайдыр бир аракеттердин конкреттүү белгилерине карата таанылып кабыл алынат. Бирок бул конкреттүү белгилер («Эртең менен — жарык киргенде балдар бала бакчага барышат», «Түн — качан караңгы болгондо, балдар жана чоң кишилер укташат») туруктуу эмес, алар жылдын мезгилине, тигил же бул жердин географиялык абалына байланыштуу. Сутканын бөлүктөрүн ажыратууда балдардын жеке билгендери шартталган эмес. Түндүн белгилери (караңгыда баары укташат) ата-энелери түнкү сменде иштеген балдарга мүнөздүү болбой калышы мүмкүн. Ошондуктан сутканын бөлүктөрүн балдарга үйрөтүүдө турмуштагы жеке өзгөчөлүктөр сөзсүз эске алынууга тийиш.

Балдардын өздөрүнүн жеке байкоолору биринчи кезекте убакытты конкреттүү аныктоочу болуп саналат. «Убакытты өздөштүрүү өтө жай өтөт жана ал тарбиячылар аларды турмуштун бул багытына бурганда гана балдардын практикалык аракеттери аркылуу ишке ашырылат»[1].

Ошондуктан балдарды үйрөтүү менен сутканын бөлүктөрүн балдардын аракетиндеги конкреттүү белгилер менен толуктап, тиешелүү убакытты атоо менен жүргүзүү керек.

Сутканын ар түрдүү бөлүгүнүн көрсөткүчтөрү катары аракеттердин кандай түрлөрүн пайдаланууга болот?

Балдардын күн сайын кайталануучу күндөлүк режиминде убакыттын белгилүү маалында кездешкен туруктуу иш-аракеттер бар: булар бала бакчага келүү, зарядка ойноо, эртең менен тамак,

[1] Люблинская А. А. Детская психология. М., 1972, 173-бет.

2—341

түшкү тамак, түшкү тамактан кийинки уйку ж. б. у. с. Сутканын ар кандай бөлүгүндө күн бою бир нече жолу кайталануучу түрдүү иш-аракеттер да бар: ойноо, жуунуу, кийинүү жана чечинүү, сейилдөө ж. б. иш-аракеттердин туруктуу түрлөрү биринчи кезекте сутканын бөлүктөрүнүн маалын билдирүүчү көрсөткүч болушу мүмкүн. Иш-аракеттердин мындай түрлөрүн көрсөтүүнү жана сутканын бөлүктөрүн белгилүү убакыттын өтүшүнө байланыштырып атоону балдар менен аңгемелешүү же ал иш-аракеттерди чагылдырган сүрөттөрдү көрсөтүү учурунда ишке ашыруу керек.

Балдарды сутканын бөлүктөрү менен тааныштыруу «Балдар бакчасындагы тарбиялоо программасына» ылайык экинчи кенже группалардан башталат. Бул куракта балдарды сутканын бардык төрт бөлүгүн ажырата жана сөз менен атай билүүгө үйрөтүү керек. Бул курактагы балдардын өзгөчөлүктөрүнө жараша сутканын ар бир бөлүгүн аныктоодо биз ар бир баланын жеке билгенине бир кыйла жакын иш-аракеттерди пайдаланышыбыз керек болду.

Сутканын бөлүктөрү менен тааныштырууну биз балдардын жеке конкреттүү тажрыйбалары боюнча аңгемелешүүдөн баштадык (кыскача жазууну мисалга келтирели).

Т а р б и я ч ы. «Балдар, силер үйүңөрдө апаңар: «Таң атты, эми тургула!» — дегенде ойгоносуңар. Эртең менен эмне кыласыңар?

Н а д я. Мен кийинем, керебеттеги төшөктөрдү жыйып, андан соң жуунам. Апам чачымды тарайт, анан бала бакчага жөнөйбүз.

Т а р б и я ч ы. Силер бала бакчага качан келесиңер?

К о л я. Эртең менен апам алып келгенде. Баары ишке жөнөгөндө.

Т а р б и я ч ы. Эртең менен силер бала бакчада эмне кыласыңар?

Б а л д а р. Ойнойбуз. Зарядка жасайбыз, тамактанабыз.

Т а р б и я ч ы. Силер бала бакчада күн сайын гимнастика жасайсыңар, тамактанасыңар. Анан занятие жүргүзүлөт. Булардын баарын биз эртең менен жасайбыз. Азыр эртең мененки убак, ошондуктан көнүгүп жатабыз.

Мындай аңгемелешүүлөрдү биз математика боюнча занятиелерде жүргүздүк, мында сутканын бөлүнүштөрүн балдардын туура айтуусуна көнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурдук. Күндөлүк иштерибизде да биз балдарды аракеттерди сутканын бөлүктөрүндөгү маалга дал келгидей, сутканын бөлүктөрүнүн аталыштарын колдонууга көнүктүрдүк.

Балдарды убакытты билдирген *качан*? деген суроо менен тааныштыруунун жана аларды аракеттердин ылайыгына жараша колдоно билүүнү бышыктоону, ошондой эле сутканын бөлүктөрүн айрым объективдүү көрсөткүчтөр боюнча аныктоону биз сүрөттөрдү колдонуу занятиелеринде ишке ашырдык. Балдарга сутканын ар бир бөлүктөрүнө таандык туруктуу аракеттердин түрлөрү чагылдырылган сүрөттөрдү көрсөтүп (айрым учурда персонаждардын аракеттери сутканын бөлүктөрүнө ылайык келген жомок мазмунундагы сүрөттөрдү пайдаланып), «Бул качан болот?» деп

сурадык. Айрымдары аракеттин убактысын түшүндүрүүсүз эле атаашты, кээ бирөөлөрү мында алар эмне үчүн мындай ойлоп жаткандыгын түшүндүрүү менен айтып беришти. Кийинки занятиелерде балдар көптөгөн сүрөттөрдүн арасынан алар сутканын кайсы бөлүгүнө туура келе тургандарын атап берүүгө тийиш (эртең менен, күндүз, кечинде, түнкүсүн).

Сутканын бөлүктөрү тууралуу балдардын билимин бекемдөөдө биз сутканын ошол бөлүктөрүнө мүнөздүү практикалык аракеттери бар аңгемелердин, ырлардын үзүндүлөрүн окуу менен жүзөгө ашырдык, мисалы:

Уктоо маалы! Торпок дагы уктады,
Жатып алып жамбашынан кутуга.
Аюу жатат керебетте уйку-соо,
Көөнү чаппайт пилдин гана уйкуга.
(А. Барто)

Аны бүгүн таанып болбойт башкача,
Өзү туруп жуунуп алды таптаза.
Керебетин жыйганга да үлгүрдү,
Чачтарын да тарап алды өзү эле
Эч ким деле ага антип айтпаса.
(С. Баруздин)

Кенже группалардагы балдар менен иштөөдө биз алардын сөздүгүн байыта турган сутканын аталыштары катышкан сөз оюндарын колдондук. Мисалы, «Калтырылган сөздү ата» оюнунда тарбиячы сутканын бөлүктөрүнүн аталыштары калтырылган сүйлөмдү айтты: «Биз эртең менен тамактанабыз, ал эми түштөнүүнү...?» Ошентип, балдар калтырылган сөздөрдү кошумчалап турушту. Ошону менен бирге тарбиячы муну сутканын объективдүү жана табигый көрсөткүчтөрү менен байланыштырат (жарык, караңгы, күн, ай).

Ортоңку группадагы балдарга сутканын бөлүктөрүнүн аталыштарын бышыктап, убакыттын бул үзүктөрү тууралуу түшүнүктөрүн тереңдетип жана кеңейтип, сутканын ошол бөлүктөрүнө мүнөздүү ар түрдүү кубулуштарына дайыма көңүл бурдуруп турдук. Эгерде биз кенже группаларда бул качан болот деген убакытты аныктоодо, балдардын өз тажрыйбаларына жакын аракеттердин мазмунуна таянган болсок, ортоңку группалардагы балдарга эртең менен, күндүз, кечкисин жана түнкүсүн эмне болорун жана балдар гана эмес чоңдор да эмне кыларын көрсөттүк. Бул максатта кеңири мазмундагы сүрөттөрдү: мектеп окуучулары эртең менен мектепке бара жатышкандарын, кечки шаардын фонундагы салютту, түнкүсүн элдин театрдан чыгып бараткандарын ж. б. пайдаландык. Балдар менен сутканын бөлүктөрүнүн бардыгы тартылган сүрөттөрдүн серияларын, мисалы, кечинде эмне болорун (бөбөктөр бала бакчадан кетип жатканда, үйлөрүндө ойноп жатып, балкондон көчөнүн кечки көрүнүшүн карашып, чоң энелери төшөктө жаткан неберелерине китеп окуп берип жатканын көрдүк. Ошондой

эле балдарга сүрөттөрдүн тобуна күндүз боло турган учурлар тартылган сүрөттөрдүн баарын тандап алышын сунуш эттик.

Сутканын ар бир бөлүгү үчүн мүнөздүү болгон иш-аракеттерди көрсөтүү Ф. Н. Блехер сунуш кылган оюндар аркылуу да жүзөгө ашырылып турду. Бул оюндар эртең мененкиге, күндүзгүгө, кечкиге, түнкүгө саякат жасоо деп аталат. Оюнду: «Биз силер менен эртең менен көчөдө сейилдеп бараткан бололу, анан биздин сейилдеп бараткан учурубузда эртең менен кимдин эмне кылып жатканына көз салалы». Биз үйдөн чыгып суу менен тазаланып жуулган таш көчөнү көрдүк. Таң атпай бул көчөлөрдү кимдер тазалашкан?» деген сөздөр менен баштадык. Мындай оюндарды балдар сутканын бөлүктөрүн аныктоого, алардын аталыштарын өздөрүнүн сүйлөө речтеринде эркин пайдаланууга машыгышат.

Ар түрдүү аракеттерге карата балдар сутканын бөлүктөрүн аныктоого көнүккөн соң, алардын көңүлүн убакытты символдоштурган объективдүү көрүнүштөргө бурдук (Күндүн абалы, жердин жарыктаныш даражасы, асман түсү ж. б.). Бул максатта ушул кубулуштарга сейилдөө учурубузда байкоо жүргүздүк. Шаарда күндүн чыгышын жана батышын көрүү кыйын болуп, асмандын бозомтук түсү да бир топко чейин таркабай тургандыктан, биз асмандын түсү чагылдырылган жана сутканын ар кандай бөлүгүндөгү күндүн жалгашуу абалын көрсөткөн сүрөттөрдү пайдаландык (5, 6, 7, 8-сүрөттөрдү карагыла).

Биринчи сүрөттө эртең мененки маал тартылган: көгүлтүр ас-



5-сүрөт



6-сүрөт

ман, төмөн жагында саргыч жарык түстөгү күн нурунун жогорку бөлүгү көрүнүп турат. Экинчисинде күндүз: көгүлтүр сары түстөгү асман, жогор жагында саргыч-жарык түстөгү күндүн алкагы. Үчүнчүсүндө кеч: бозомтук асман, төмөн жагында ачык-кызгылт сары түстөгү нурсуз күндүн алкагы, төртүнчүсүндө түн: айлуу жана жылдыздуу капкара асман. Сүрөттөрдүн төртөөнү тең балдарга бир учурда көрсөтүп, алар бири-биринен кандайча айырмаланарын карадык. «Булар качан болот?» деген баягы тааныш суроолорду бердик. Андан кийин өздөрүнө мүнөздүү аракеттер чагылдырылган сүрөттөрдү жубу менен көрсөтүп, аларда жалпы кандай окшоштуктар бар экендигин сурадык: асман кандай түстө, күн кайда ж. б. Мына ушул белгилердин негизинде убакыттын чагылдырылышы боюнча жыйынтыктарды чыгардык.

Кийинки сабактарда ар бир сүрөткө өздөрүнүн түсүнө туура келген квадраттарды бекиттик, эртең мененкиге — көгүлтүр, түшкүгө — сары, кечкиге — боз, түнгө — кара. Биздин оюбузча түстүү символдор шарттуу белги катары туюлушу керек, ошондо балдар аларды белгилүү маалымат берүүчү белги катары оңой кабыл алышат. Белгилери бар бир топ сүрөттөрдү балдарга көрсөтүп, биз алардан же эртең мененки, же күндүзгү, же кечки, же түнкү убакты чагылдырган сүрөттөрдү тез тандап алышын сунуш кылдык. Сүрөттөрдү түстүү белгиси боюнча тез эле ажыратып, балдар



7-сүрөт



8-сүрөт

мазмунун талдоо менен аларды туура тандап алышкандарын текшеришти.

Андан ары балдарга түстүү белгилер гана сунуш кылынып, ошолор боюнча гана сутканын убактарынын аталыштарын бышыктадык. Түстүү белгилер таратылып берилүүчү материалдар катары да пайдаланылды: тарбиячы сүрөттөрдү көрсөтүп же ырларды окуганда балдар алар сутканын кайсы бөлүгүндө боло тургандыгын аныкташып, тиешелүү белгилерди көтөрүштү. Бул учурда биз балдарга тааныш ырлардын саптарын окуу менен «Бул качан болот?» «Азыр кайсы убак?» деген суроолор бердик.

Токой-түз уйку жамынып,
Шүүдүрүм чөпкө тагылат.
Асманда жылдыз жымыңдап,
Өзөндө булак шыбырайт.
Терезеден ай карап:
«Уктай гой» деп жалбарат.
(А. Блок.)

Терезенин сыртынан
Чурулдаса чымчыктар
Айлана бүт агарып
Турса сени уктатпай,
Күтүүсүздөн жана уксаң
Радио үнүн сен,
Күлүп-жайнап келгени
Кут төгүлгөн таң деген.
(Ю. Яковлев)

Балдар сутканын бардык бөлүктөрү жөнүндөгү түшүнүктөрдү так өздөштүргөндөн кийин, аларды мүнөздүү аракеттер жана объективдүү көрсөткүчтөр боюнча ажыратып, ар бирин туура атаганда, сутканын бөлүктөрүн аныктоочу түстүү белгилерди эстерине тутуп калганда биз алардын сутканын бөлүктөрүнүн удаалаштыгы боюнча билимин текшердик. Жогоруда сутканын бөлүктөрүнүн кезектешип келүү тартибин балдар кыйналып аныкташары эскертилген. Баарыдан мурда алар традициялык сөздөрдү ээрчишет — эртең менен, түш, кеч жана түн сутканын бөлүктөрүн ажыратууда алар үчүн эртең менен эсептөөнү баштоонун чекити болуп эсептелет. Ошондуктан биз балдарга сутканын бөлүктөрүн ажыратууда сутканын ар түрдүү бөлүгүн эсептин башталышы кылып алууга көнүктүрдүк. Мисалы, «Түштө эмне болот?» дегенди тактагандан кийин «Түштөн кийин эмне келет? Кечинде элдер эмне кылышат? Кеч бүттү. Кечтен кийин эмне келет?» — деп сурадык.

Сутканын бөлүктөрүнүн удаалаштыгы жөнүндө билимдерин бышыктоо боюнча белгилерди колдонуп, тарбиячылар атаганга чейин жана андан кийинки сүрөт белгилерди көрсөтүүнү балдарга сунуш кылдык. Же сүрөт белгилерди кайсынысынан болсун баштоо менен аларды сутканын удаалаштыгы боюнча жайгаштырып, сөз менен түшүндүрүп берүүсүн өтүндүк.

Балдардын сутканын бөлүктөрү тууралуу билими калыптанган жылдын аягында «сутка» деген сөздүн маанисин ачып берүү максатка ылайыктуу.

Азырынча биз сутканын 24 сааттан турган сандык мүнөзүн ачпастан, сутканын бөлүктөрүн пайдалануу менен эле анын убактысынын ченинин созулушун түшүндүрүүгө болот. «Сутка» деген сөз жалпылаштырылган маани катары пайдаланылууга тийиш, б. а. сутка төрт бөлүктөн турат — күн, кеч, түн, эртең менен. Мында балдарга күн, кеч, түн жана эртең менен бүгүн бир сутканын бөлүктөрү экендигин жана сутканын башталышы болуп кайсынысы болсо да кызмат өтөй ала тургандыгын түшүнүүсүнө жардам берүү керек.

Ортоңку группалардагы балдардын «сутка» деген түшүнүктү өздөштүрүшү үчүн бир катар ыкмаларды колдондук. Доскага сутканын ар түрдүү бөлүктөрүнөн бир эле пейзаж тартылган төрт сүрөттү бир катарга койдук[1]. Ар бир сүрөт боюнча булар качан болорун тактадык. Бир учурда коюлган сутканын төрт бөлүгү боюнча «сутка» тууралуу түшүнүк менен тааныштырдык. Алардан: Бул сүрөттөрдүн бардыгында сутканын канча бөлүгү тартылган? Эртең мененки, күндүзгү, кечки жана түнкү убактардын баары өткөндөн кийин сутканын төрт бөлүгүн бир сөз менен кантип атоого болот? деп сурадык. Балдар адаттагыдай, «бүтүндөй күн», «толук күн» деп жооп беришти. Биз «бул бардык төрт бөлүк «сутка» деп аталарын, «эртең менен, күндүз, кечки убак жана түн бир сутканы түзөрүн» түшүндүрдүк. Андан соң суткада канча бөлүк болорун, кантип аталарын, алардын кезектешип келишиндеги тартиби кандай экендигин кайталадык. Ошондой эле сутканын бөлүктөрүнүн символ-белгилерин топтоп, бул убактардын баарын бир сөз менен атап берүүлөрүн сунуш кылдык.

Мындан сырткары «коңшуларды атагын» оюн өткөрүлдү.

— Эртең мененки коңшуларды атагын.

— Сутканын эртең мененки бөлүгүнүн коңшусу — түн жана күн, анткени эртең мененкиге чейин түн, анан эртең мененкиден кийин күн болот.

— Түндүн коңшусун атагын.

— Сутканын бөлүктөрүнүн баарын атап бер.

— Балдар, мен сутканын бир бөлүгүнүн атын айтам, а силер болсо калгандарын сутка болгудай кылып биринин артынан бирин атап бергиле. Күн, андан кийин эмне? (Кеч ж. б.).

Сутка жөнүндө түшүнүктү бышыктоодо жана сутканын бөлүктөрүнүн удаалаштыгы тууралуу: «Сутка жөнүндө эмне билериңерди эсиңерге түшүргүлө. Азыр сутканын кайсы убагы? Сутканын дагы кандай бөлүктөрү бар? Кечтен кийин эмне келет? Түн киргенин силер кантип билесиңер? Күндөн баштап сутканын бардык бөлүктөрүн атап бергиле» ж. б. у. с. аңгемелешүүлөрдү өткөрдүк.

---

[1] Мындай сүрөттөр В. А. Кирюшкин жана Ю. С. Ляховский түзгөн «Словарно-методические упражнения на занятиях по родному языку в детском саду» альбомунда бар. М., 1973-ж.

Мына ушул ыкмалардын бардыгы сутканын бөлүктөрүнүн удаалаштыктарын билүүгө, бүтүндөй сутка тууралуу түшүнүк алууга көмөк берет. Бул учурда аларда убакыттын өтүшү жана үзгүлтүксүздүгү жөнүндө элементардык түшүнүктөр пайда болот.

## 2-глава

### 6—7 ЖАШТАГЫ БАЛДАРДЫ КАЛЕНДАРЬ МЕНЕН ТААНЫШТЫРУУНУН ЫКМАСЫ

Убакыттын негизги календардык бирдиктери жөнүндө алгачкы түшүнүктөрдү калыптандырууда бул жана туура түшүнүк берүү үчүн жана аларды туура талдоодо тарбиячы убакыт чендеринин келип чыгуу тарыхы[1] жөнүндө билүүсү эң зарыл.

Сутка менен айдын ортосундагы убакытты өлчөөнүн чен бирдиги катары жети күндүк аптаны пайдалануу Байыркы Вавилон доорунда келип чыккан. Анын келип чыгышы көзгө көрүнгөн асман телолорунун (Меркурий, Чолпон, Марс, Юпитер, Сатурн, Ай, Күн) саны боюнча «жети» санына сыйынууга байланыштуу болгон. Ал убакта аптадагы күндөр мындайча аныкталуучу: дүйшөмбү — Айдын күнү, шейшемби — Марстыкы, шаршемби — Меркурийдики, бейшемби — Юпитердики, жума — Чолпондуку, ишемби — Сатурндуку, жекшемби — Күндүкү.

Аптанын чыгышы Айдын төрт фазасына байланыштуу: биринчиси — Айдын орок сымал жаңырышынан жарым тегерек формага жеткенге чейинкиси, экинчиси — жарым тегеректен толук тегерекке, үчүнчүсү — тегеректен кайра жарым тегерекке; төртүнчүсү — жарым тегеректен кайра орок сымал формага келиши. Бул фазалардын ар бирине болжол менен 7 күн туура келет, ошондуктан славяндарда жетилик же апта деп аталган.

Аптанын ар бир күнү ар кандай тилде ар башкача аталат. Европа элдеринин тилдеринде аларды негизинен планеталардын аттары менен атоо сакталып калган. Орустарда апта сайын бир бош күн — майрам күн — «эч нерсе жасабай» турган күн «апта» деп аталган, мындан дүйшөмбү — биринчи күн, шаршемби ортоңку күн, шейшемби, бейшемби, жума аптадагы күндөрдүн ирети катары аталган.

Ишемби ошол убактагы айрым элдердин дем алыш күнүнө туура келгендиктен («сабат» б. а. дем алыш деп аталчу) келип чыккан. Азыркы убакта «апта» деген жети күндүн бардык мезгилин түшүндүрөт.

Айдын бирдей эки фазасындагы убакыт аралыгы — айдын жаңырышынан кайрадан жаңырышына чейинкиси байыркы убакта

---

[1] Убакыт чендеринин келип чыгышы жөнүндөгү түшүнүктөрдү баяндоодо Н. К. Серовдун «Процессы и меры времени». Л., 1974., С. И. Селешниковдун «История календаря и хронология». М., 1977-ж. китептериндеги материалдар пайдаланылды.

30 күнгө барабар болгон. Убакытты өлчөөнүн — бир айды эсептөөнүн бирдиги мына ушундан келип чыккан. Алгачкы кездерде айлардын аттары болгон эмес, алар катары менен гана атала турган (жыл он айдан түзүлчү). Анан жылдын биринчи айын (жыл марттан башталчу) «мартиус» деп согуш кудайы Марстын урматына аталган, экинчи ай — «априлис», бул болсо дарактардын бүчүрлөрү жарылганын туюндурчу. Үчүнчү ай — Майе кудайына арналган, төртүнчү ай — Юноне кудайынын ысмынан аталган. Ошентип, март, апрель, май, июнь айларынын аттары келип чыккан.

Биздин эрага чейинки VII кылымда Рим календарына реформа жүргүзүлөт да жылда 12 ай болуп калат, алардын биринчиси январь деп бир эле маалда өткөндү кайра жаратып, келечекти алдын ала көрө билген эки жүздүү Янус кудайынын урматынан аталган. Айдагы күндүн саны 28ден 31ге чейин өзгөрүлүп турган.

Эгерде күндүн жана түндүн алмашышы Жердин өз огунда айланышы менен шартталса, жылдын мезгилдери Жердин Күнду айланып чыгышы менен аныкталган. Жыл — жердин Күнду толук айланып чыгуусуна кеткен убакыт, ал 365 сутка жана 6 саатка барабар. Жылдын башталышы үчүн шарттуу түрдө 1 январь 0 саат 0 минута 0 секунда кабыл алынган. Төрт жылдын ичинде бир сутка ашык түзүлөт, ал толук жыл деп эсептелген жылдын 29-февралына таандык.

Балдар убакыттын мындай ченин кандай даражада өздөштүрүшөт, алардын реалдуу мазмунун түшүнөбү, ар бир чендин сандык мүнөзүн, удаалаштыктарын жана чен системаларынын өз ара байланыштарын билишеби? Биз убакыттын ушул чендери боюнча балдардын билим деңгээлин текшердик[1]. Жекече аңгемелешүү ушундай изилдөө методдорунун бирине мисал болду. Мында, балдарга: «Бүгүн кайсы число?» «Бүгүн числонун канчасы экенин кантип билүүгө болот?» деген суроолорду бердик. Биринчи суроого болжол менен балдардын 20 проценти датаны туура айтты. Башкалары кокустан ойго келе калган сандарды же аптанын күндөрүн атап, кээде жооп берүүдөн баш тартышты. Экинчи суроого балдардын 55 проценти «календарь боюнча» жооп кайтарышты, б. а. алар убакытты өлчөөнүн ушул приборун билишкен. Алар календарды пайдаланган чоң кишилерге таянып: «Апамдын сумкасында баракча бар, ал календарь деп аталат, апам аны карап, кайсы число экенин билип алат».

Аптанын күндөрүн билүүдөгү балдардын билимин тактоодо «Аптанын кандай күндөрүн билесиң? Бүгүн аптанын кайсы күнү?» деген суроолорду бердик. Балдардын жоопторунан аптанын күндөрү бирдей өздөштүрүлбөгөндүгү байкалды.

Аптанын жекшемби, ишемби, жума, дүйшөмбү сыяктуу күндөрүн балдар шейшемби, шаршемби жана бейшемби сыяктуу күндөргө караганда мыкты биле тургандыгы билинди. Демек, аптанын

[1] Балдардын календардык убакыт тууралуу түшүнүктөрүн изилдөөнү биз А. И. Герцен атындагы Ленинград Мамлекеттик педагогикалык институтун сырттан окуучу студенттеринин катышуусу менен 10 жыл бою ар кайсы шаарлардын балдар бакчаларында жүргүздүк.

күндөрү, аптанын түрдүү күндөрүнүн мазмунуна байланыштуу келип чыккан алардын турмуштук тажрыйбаларына, аракеттердин мүнөзүнө, эмоциялык кайгы-кубанычтарына карата өздөштүрүлөт. Мисалы, балдардын 80 процентке жакыны аптанын дүйшөмбү жана жума күндөрүн билишти. Аптанын башка күндөрүн бири-бирине алмаштырып, же жуманын ордуна айлардын, жылдын мезгилдерин, а түгүл кандайдыр бир майрамдарды атап, же «бүгүн», «эртең» деп жооп беришти. Айрым убактарда аптанын күндөрүн иреттик сандар менен же жөн эле аба ырайынын мүнөзүнө карата аташты, (күн бүркөк, күн ачык). Айрымдары «апта» деген жалпылоочу сөздү түшүнбөгөндүктөн, жооп кайтаруудан баш тартышты («Мен күндү гана билем, а аптаны билбейм»).

Булардын бардыгы аптанын күндөрү жөнүндө берилген суроонун балдар үчүн түшүнүксүз экендигин айгинеледи. Айрым конкреттүү түшүнүккө ээ болгону менен балдар аларды керектүү түшүнүктөргө ылайыкташтыра алышкан жок. Убакыттын ар түрдүү аралыктары тууралуу алардын билими так эмес жана алар таптакыр системалаштырылбаган. А түгүл жогорку группадагылар да эреже катары, аптанын бардык күндөрүнүн аттарын атап бере алышпады, мектепке даярдоо группаларындагылардын 30—40 проценти гана аларды ирээти менен туура айтып беришти.

Биз ошондой эле балдардын аптанын күндөрүнүн удаалаштыктагы байланыштарын биле тургандыгын тактадык. «Бүгүн аптанын кайсы күнү? Кечээ аптанын кайсы күнү эле? Эртең аптанын кайсы күнү болот?» деген суроолорго берген жооптордун мүнөзүнө карап, биз балдардын мурдагы өткөн күндү, эртеңки күндү айтпаганда да бүгүнкү күнгө караганда мыкты биле тургандыгын ырастадык.

Бизди алар атаган удаалаштыктар эмнеге негизделгендиги кызыктырды. («Эмне себептен сен мындай ойлойсуң?») Бул негиздөөлөр ар түрдүү болду: мында ар түрдүү күндөгү иш-аракеттерге байланышкан эске тутуу. («Кечээ шаршемби эле, мен музыкада болчумун», ошондой эле календарга таянуу («Календарды карасам») маанилүү болду. Балдардын аптанын күндөрүн иреттик сандарга таянып, кезектешкен удаалаштыкта түшүндүргөндөр да кызыгууну туудурду («Бүгүн төртүнчү күн», демек бейшемби, эртең бешинчи күн, демек жума»). Кызызы бул сөздөрдөгү айкалыштар алардын аң-сезимине таасир берип, эске тутуусуна көмөк көрсөтөт.

Аптадагы күндөрдүн кезектешип алмашып турушун, түз жана тескери тартиптеги жана алардын арасындагы байланышты түшүнүшкөнүн билүү үчүн оңунан да, тескерисинен да балдарга мындай маанидеги суроолорду бердик: «Дүйшөмбүгө чейин жана андан кийин кайсы күндөр болот?» (ушинтип аптанын бардык күндөрүн сураса болот). Алардын жоопторунан балдардын аптадагы күндөрдүн баарынын аттарын ирети менен билгенде гана жаңылышпай, жеңил өздөштүрө тургандыгы байкалды. Болжол менен балдардын жарымына жакыны аталган күнгө чейин жана андан кийин кайсы күндөр болорун так, жаңылбай айтып беришти.

Балдардын калгандары аптадагы күндөрдүн иретинин оңунан жана тескерисинен аталыштарын атоодогу өз ара байланыштарды аныктоодо кыйынчылыкка дуушар болушту. Алар аптадагы күндөрдүн тизмегин ичтеринен күбүрөп, аталган күнгө жеткенден кийин үнду катуу чыгарып аташты. Мында аларга андан мурунку күндүн атын атоо бир топ оор болду.

Бизди ошондой эле балдардын аптада бардыгы канча күн бар экендигин билер-билбестиги кызыктырды. Мектепке даярдоо группаларындагылардын 50 гана проценти аптада 7 күн бар экендигин билишти, калгандары (ошондой эле бардык жогорку группалардагылар) кокусунан оозго келген күндөрдүн санын аташты. Айрым балдар аптада бар болгону 6 гана күн бар, анткени жекшемби дем алыш болгондуктан ал күн эсептелбейт деп далилдешти.

Айлардын аттарын жана алардын удаасын кандай даражада билерин аныктоо үчүн төмөнкүдөй суроолор берилди: «Азыр кайсы ай? Буга чейин кайсы ай болгон? Мындан кийин кайсы ай келет? Бир жылда бардыгы канча ай бар?»

Жогоруда группалардагы балдар азыр кайсы ай экендигин билишпеди. Мектепке даярдоо группаларынын 20 проценти учурдагы айдын атын туура аташты. Өткөн айдын атын балдардын көбү: жогорку группадагы балдардын 10 проценти, даярдоо группаларындагы балдардын 30 проценти туура атап беришти. Бул, өткөн айдын атын балдар бир нече жолу уккандыгы менен түшүндүрүлөт. Келерки айдын атын эч кимиси айта алышпады.

Суроолорго жооп берүүдө балдар жылдын мезгилдерин да, катар номерлерин жана майрамдардын аттарын да аралаштырып жиберишти. Мисалы, «азыр кайсы ай» деген суроого (октябрь) жыйырманчы октябрь күзгү ай, экинчи ай, жаңы жыл ж. б. деп жооп беришти. Жылдагы айлардын саны жөнүндөгү суроого балдардын көпчүлүгү таптакыр жооп бере алышпады, алардын айрымдары гана туура жооп кайтарышты. Мында балдардын 35% гана оюна келген сандарды (7, 4, 3, 2, 1, 10, 40) ал эми мунун ичинен көпчүлүгү 3 санын аташты.

Балдарга бардык айларды ирети менен атап берүү сунуш кылынганда, алардын жарымы гана жооп берүүгө аракет кылышты. Жогорку группадагылардын 5 проценти, мектепке даярдоо группасындагылардын 20 проценти гана айлардын бардыгын ирети менен туура атап беришти. Калгандары айрым гана айлардын аттарын иретсиз аташты. Мында алар айлардын аттарын атоо менен бирге жылдын мезгилдерин да кошуп жиберишти: «январь, февраль, ноябрь, март, жай, апрель, күз». Балдар атаган айлардын ичинен сентябрь (айрымдары аны жылдын башталышы деп ойлошот), октябрь, ноябрь, апрель, март көбүрөөк кездешет. Декабрь менен январды балдар азыраак аташты.

Аптанын күндөрүндөй эле жылдагы айлардын аттарын атоону өздөштүрүүдөгү бирдей эместик алардын аракеттеринин ар кандай мазмуну кубаныч-кайгыларына байланыштуу айрым айлар башкаларга караганда көбүрөөк эсте сакталып калары менен түшүндүрүлөт. Мисалы, сентябрды алардын башка курактагы груп-

паларга которулушуна, мектептерде жаңы окуу жылынын башталышына байланыштуу көбүрөөк угушат, март — «апасынын майрамы» ж. б. у. с. Балдар жаңы жылдык ёлкага катышкандыктан январь айын көпчүлүгү «жаңы жыл» деп аташат.

Мындан биз мектепке чейинки улуу группалардагы балдарды убакыт менен тааныштыруу жана аны ченөө жолдору системасыз жүргүзүлгөндүктөн, алардын убакыт календары жөнүндөгү түшүнүктөрү так эмес экенин көрөбүз. Аптанын күндөрүн, айдын аттарын жаттоо, формалдуу мүнөзгө ээ, себеби убакыттын созулушу убакыт чендеринин көлөмү, өтүшү, кайталанбастыгы жөнүндөгү, кезектешиши жана мезгилдүүлүгү жөнүндөгү негизги түшүнүктөрдү калыптандыруу менен байланышпайт. Убакыттын айрым аталыштары тууралуу маалыматтар өтө эле үстүртөн жана убакыт байланыштарынын системасынан тышкары жүргүзүлөт. Мезгилдин мамилелерин түшүнүү жана балдар тарабынан убакыт чендеринин мүнөзүн пайдалануу көбүнесе убакыттын эталондору болгон күндүн кандай мазмун менен толукталгандыгына байланыштуу болот.

Бала бакчада балдарды календарь менен дайыма тааныштыруу зарылдыгы сезилет. Бул болсо аларды курчап турган турмуштун чындыгына багыт алуусун жеңилдетет, анткени балдар бакчасындагы турмуштун тартиби белгилүү план боюнча аптанын күндөрүнө ылайыкташтырылып түзүлөт. Балдар мындан аптанын кайсы күндөрүндө кандай сабактар өткөрүлө тургандыгын билишет, ал балдардын сабакка психологиялык даярдык көрүүсүнө көмөк берет. Балдарды өтө кызыктырган майрамдардын келүү убактысы календарь менен аныкталат.

Календарь менен таанышуу окуп-үйрөнүүнүн предмети болгон сезондук өзгөрүүлөргө байланышкан жыл мезгилдеринин ырааттуулугун түшүнүүгө да жардам берет.

Мектепке чейинки жогорку группаларда окууга кызыгуунун эң күчтүү мотиви болгон убакыттын ар кайсы параметрлерин таануу сезими өсө баштайт. 6—7 жаштагы баланы тигил же бул кубулуштун созулушу, убакыт чендеринин сандык мүнөздөлүшүнө, убакытты өлчөө приборлору кызыктырат.

Акырында, балдарды мектепке, жумадагы сааттар жана күндөр боюнча занятиелердин так тартибине даярдоо планында календарь менен тааныштыруу зарыл. Убакыт эталондорунун так системасына ээ болуу убакыт аралыктарынын мүнөзү менен байланыштуу болгон билимдер жана жатыгуулар өтө эле татаал (аларды А. П. Усова айткандай мектеп жашына чейинки балдар үчүн билимдерди квалификациялоо боюнча кыйынчылыктардын экинчи категориясына киргизүүгө болот)[1].

Календардык убакыт эталондору жөнүндөгү билимдерди өздөштүрүү мына буларды талап кылат:

1) убакытты өлчөөчү жалпы кабыл алынган приборлорду пайдалануу менен балдардын убакытты өлчөй билүүсүн;

---

[1] Н. Н. Поддьяковдун редакциясы астында М., 1972-жылы жарык көргөн «Умственное воспитание дошкольника» китебин карагыла, 14-бет.

2) убакыт эталондору менен бирге алардын сандык мүнөзүн, узактыгын кабыл алуу билимине ээ болуу;

3) убакыт эталондорунун бул татаал системасынын айрым звенолорунун ортосундагы бири-бирине байланыштуулугун аңдай билүү. Билимдердин татаалдык категорияларын аныктоо менен А. П. Усова кыйынчылыктардын экинчи категориясынын билимдерин занятиелердеги атайын окутуу процессинде гана өздөштүрүүгө болорун көрсөткөн.

«Бала бакчасында тарбиялоонун программасынын» «элементардык математикалык түшүнүктөрдү өнүктүрүү», бөлүмүндө жогорку группадагылар үчүн «аптанын күндөрүн ирети менен атоого балдарды үйрөтүү» сунуш кылынат. «Кечээ кайсы күн эле, бүгүн кайсы күн, эртең күндүн кайсынысы болорун аныктоо», ал эми мектепке даярдоо группаларын да «аптадагы күндөрдүн, жылдагы айлардын кезеги жөнүндөгү билимин чыңдоо» сунуш кылынат. Үстүдөгү өтүп жаткан айдын атын атоо үйрөнүлөт.

Биз балдарды календарь менен тааныштыруу улуу группаларда өткөрүлүүгө тийиш деп эсептейбиз, анткени бул куракта алардын сандык түшүнүктөрүндө керектүү запастары бар, алар сутканын узактыгы менен болсо тааныш. Апта менен айларды тааныштыруудагы баштапкы чен бирдик сутка болуп эсептелет. Улуу группадагы балдарга айдын числолору, аптанын күндөрү, апта, айлар жөнүндө комплекстүү билимдерди берүүгө болот. Мектепке даярдоо группаларында бул иштерди улантуу менен бирге жылдын календары тууралуу билим берүү керек.

Убакыттын өз ара байланыштагы бирдиктеринин бул татаал системаларын балдар так билиши үчүн биз аны убакыт бирдиктеринин ортосундагы байланышты материалдык форма катары чагылдыруучу календардык модель түрүндө элестетебиз. Календарь менен тааныштырып, иш системасын алар календардын моделинин материалдарын активдүү пайдалангандай, убакыт аралыктарынын узактыгын кадимкидей элестеткендей уюштуруу керек.

Календарь балдардын убакыт аралыктарынын: апта, ай жана а түгүл жылдын салыштырмалуу узактыгын айкын элестетүүсүнө мүмкүнчүлүк түзөт. Өз учурунда Ф. Н. Блехер айрыма календарь «күндүн өтүшү», «окуялардын жакындап келатышы» ай өтүп, жаңысы келгендиги тууралуу айкын түшүнүк бере тургандыгы жөнүндө жазган. Күтүү балдарга убакыттын өтүшүн сезүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Ф. Н. Блехер жылдагы мезгилдин, айлардын узактыгын жана алардын аталыштарын эч качан жаттап алуу тууралуу сөз болушу мүмкүн эместигин эскерткен. Ал балдар менен иштөөдө айрыма календарды убакытты өлчөөчү бирден-бир көрсөтмө курал катары сунуш кылган. Балдар календардын ар бир барагы бир күн экендигин, кийинкисин айруу үчүн толук дагы бир сутка күтүү керектигин жеңил эле өздөштүрүшөт.

Календардын моделин түзүүдө биз көрсөтмө курал катары Ф. Н. Блехердин бул сунуштарын пайдаландык. 9×6,5 сантиметр өлчөмүндөгү календардын барактарын өзөктөн оңой эле чыгарып алгыдай кылып бекиттик.

Ар бир барактын бетине цифралар аптанын күндөрүнүн жана айдын аттары жазылды. Бирок улуу группадагы балдардын бардыгы эле али окуй албагандыктан, календардын ар бир барагын жуманын ар бир күнүнүн өзүнчө түсү болушу үчүн тиешелүү түстөгү тилкелер менен белгиледик (9-сүрөт). Мындан балдар аптанын жети күнүнүн түстүү тилкелеринин дал келишин эске сактап, календардын барагындагы тилкелердин түсүнө карап, аптанын ар бир күнүн («окуп») ажырата алышат. Барактын арткы бети таза бойдон актай калтырылды. Календарь агыш кичинекей жыгачка бекитилип дубалга илинди.

Чыгарылып алынып турган календардын барагы үчүн барактын көлөмү боюнча 18 бөлүмдөн турган куту даярдалды (6 уячалуу 3 катар, 10-сүрөт). Төмөнкү катардагы уячага балдар аптадагы күндөрдүн барактарын ирээти менен, ар бир бөлүмгө 7 барактан коюп жайгаштырышты. 7 барак — ар бир бөлүмдөгү аптанын 7 күнү балдарга өткөн аптаны элестетти. Айдын бүтүшүндө аптанын жана өткөн айдын күндөрү эсептелинди. Бир айдын ичинде чогултулган барактар топтоштурулуп бекемдетилди. Ага өткөн айдын аты жазылып, кутучанын жогорку катарындагы биринчи (сол) бөлүмгө жайгаштырылды. Ошентип акырындык менен жогорку катардагы 6 бөлүм толду, анан ушундай эле жол менен экинчи катардагы 6 бөлүм да толукталды. Мына ошентип кутучанын жогорку эки катары айлардын иретинин тартибин, ал эми төмөнкү



9-сүрөт



10-сүрөт

катардагысы аптанын күндөрүн жана жуманы көрсөттү. Жыл аяктаганда жыл ичиндеги айлардын саны эсептелип, алардын ирээтинин тартиби аныкталды.

Сунуш кылынган колдонмо календардык жылдын модели болуп кызмат өтөдү, анткени ал аркылуу календардык убакыттын бардык чендеринин өз ара байланышы айкын чагылдырылып турду. Балдар өздөрү календардын барактарын чыгарып алып, суткадан аптаны, аптадан айды күраштырып, андан соң ошол айдын башкалардын арасындагы ордун аныкташты. Айлар акырындык менен уланып жыл куралды. Балдар каалаган учурда кутучага келип, андагы бөлүштүрүлгөн календардын барактары боюнча аптанын башталышынан бери канча күн өткөнүн, айдын башталышынан бери канча апта өткөнүн, жылдын башталышынан бери канча ай өткөнүн, ал эми бош ячейкалар боюнча анын аякташына чейин дагы канча күн калгандыгын аныктай алышат.

Бул иштердин бардыгын балдар өздөрү иштеп, алар убакыттын айрым чендеринин ортосундагы татаал сандык байланыштарды акырындык менен өздөштүрүп, түшүнүштү.

Биз улуу группалардагы жана мектепке даярдоо группаларындагы балдар менен уюштурулган төрт сабак өткөрүп, анда календардык убакыт менен байланыштуу убакыт эталондору тууралуу зарыл болгон билимдерди айтып бердик. Бул болсо календарды пайдаланууга көнүгүүгө үйрөтүү үчүн жетиштүү болду. Алынган билимди өздөштүрүү жана аны андан ары бекемдөө күндөлүк турмушта жана календардын моделин өз алдынча активдүү колдонуу иштеринде өркүндөтүлдү.

Балдарды календарь менен тааныштыруудагы биринчи занятие 2-январда өткөрүлдү, анда биз календардын ар кандай түрлөрүн көрсөтүп, анын милдети тууралуу кеп козгодук.

Занятиеден мисал келтирели:

— Балдар, жакында биз баарыбыз кайсы майрамды белгиледик?

— Жаңы жылды. Эски жыл өтүп, андан кийинкиси башталды.

— Жаңы жыл кайсы числодон башталды?

— Биринчи январда — жаңы жылдын биринчи күнүндө. Биринчи — бул число, январь болсо бул айдын аты.

Аңгемелешүү андан ары мындайча суроолор менен жүргүзүлдү: «1-январь аптанын кайсы күнү болгонун ким билет? Бүгүн числонун канчасы жана аптанын кайсы күнү? Булардын баарын кантип билүүгө болот? Кимдин үйүндө календарь бар?» (Ар кандай түрдөгү календарлар көрсөтүлүп, алардын милдети түшүндүрүлөт.) Календардын үйдө эмне үчүн кереги бар?

— Мен силерге мына мындай календарь жасадым. Бул календарь аркылуу силер бүгүн числонун канчасы, аптанын кайсы күнү экендигин билесиңер. Календарь боюнча ишембиге же майрамга чейин канча күн калгандыгын көрүүгө жана билүүгө болот. Календарь боюнча силер январдын качан бүтөөрүн жана кийинки айдын келишин көрүп турасыңар, анын кандайча аталаарын билесиңер.

Карагылачы, календарда канча көп барак бар. Ар бир барак бул күн. Жаңы жылдын дагы келиши үчүн көптөгөн күн өтүүгө тийиш. Календардын барагынан силер эмнени көрүп турасыңар? Цифра кайсы число экендигин көрсөтүп турат. Бул кайсы число? Числонун астында аптанын кайсы күнү экендиги жазылган.

Силер аптанын дагы кайсы күндөрүн билесиңер? Бүгүн аптанын кайсы күнү? Силер али окуганды билбейсиңер, ошондуктан биздин календарда түстүү тилкелер бар. Аптанын ар бир күнү тиешелүү түстөгү тилке менен боёлгон. Дүйшөмбү аптанын биринчи күнү экендигин көк түстөгү тилкеден билебиз. 1-январь, дүйшөмбү эле, бул күн өтүп кетти. Биз бул баракты чыгарып салабыз. Бүгүн 2-январь, ишемби, баракта сары тилке.

Силер сары тилкеден шейшемби экендигин билесиңер. Бул күн али өтүп кете элек. Ошондуктан бул баракты айрууга болбойт. Сутка бүтөт, анан биз календардын барагын эртең, бала бакчага келгенде айрыйбыз. Ошентип, кийинки күндү билебиз жана кайсы число экендигин аныктайбыз.

Азыр биздин календарды дубалга илип, күн сайын занятиенин алдында календардагы баракты айрып турабыз. Ошентип, кайсы числонун келгенин, аптанын кайсы күнү экенин билебиз.

Биринчи занятиеден кийин бир апта өтүп экинчи занятие өткөрүлдү. Анда аптадагы күндөр тууралуу түшүнүктү тактап, балдарды ал күндөрдүн байланышы менен иреттүү атоого үйрөттүк. Аптанын күндөрү айкын мазмундагы занятиелер менен толукталып, ал белгилүү күндөрдө өткөрүлүп турду. Ушул занятиелерде балдар бүт аптаны тактага удаалаш жайгаштырылган календардын 7 барагы катары көргөндөй болушту. Күндөрдүн аттарын жана аптадагы орундарынын байланыштарын билүү, аптадагы күндөрдүн удаалаштыгын жана алардын аттарын эске тутууга көмөк берди.

Аптадагы күндөр менен таанышуу үчүн өткөрүлгөн занятиеден мисал келтирели:

— Балдар, биз тактага календардын канча барагын койдук, санап көргүлөчү. Жети барак, жети күн бир аптаны түзөт. Аптанын бул күндөрү кандай экенин карап көргүлө (барактар ирети менен тактанын бетине жайгаштырылган). Биринчи барак, жуманын биринчи күнү — бул дүйшөмбү, биз аны көк тилке боюнча билебиз. Аптанын экинчи күнү кандайча аталат? Эмне үчүн аптанын экинчи күнү шейшемби деп аталат? Шейшембини сары тилке боюнча билебиз.

Эми аптанын үчүнчү күнүн тапкылачы. Шейшембиден кийин кайсы күн келет. Шаршемби күндүн тилкеси кандай түскө боёлгон?

Төртүнчү күн кандайча? Төртүнчү күндү кайсы түс билгизет? (Ошондой эле жума күн жөнүндө.) Бул беш күн иш күнү болуп эсептелет. Аларды атап көргүлөчү.

Бул аптадагы шаршембини тапкылачы? Эмне үчүн үчүнчү күн шаршемби деп аталат? Себеби, ал аптанын ортоңку күнү. Эс ала турган эки күн бар. Алар ишемби жана жекшемби деп аталат. Аларды кандай түстөгү тилке билдирет. ж. б. у. с.

Февралдын алгачкы күндөрүндө өткөрүлгөн үчүнчү занятиеде апта жөнүндөгү түшүнүктөр, андагы күндөрдүн аттары такталды. Балдар тигил же бул занятиени, өздөрү көргөн окуяларды аптанын белгилүү күндөрү менен байланыштырышты. Алар аптадагы күндөрдү оңой атап, алардын кезегинен жаңылышкан жок.

Мында ар кандай колдонулган көрсөтмө материал чоң роль ойноду. Аптанын күндөрүн (календардын барагы түрүндө) балдар аралаштырып да коё алышты. Мисалы, аларга «шаршемби күнду» анын жанындагы күндөрү менен кошо табуу сунуш кылынды эле аны табышты, шейшемби, бейшемби баракчаларын таап коюшту. Балдар мурунку күндөрдүн аттарын (мисалы, дүйшөмбүдөн мурда жекшемби болот) же кийинки күндү (шейшембиден кийин шаршемби келет) оозеки аташты. Же жуманын бешинчи күнүн атоо сунуш кылынды. Мында балдар өздөрүнүн жоопторун карточкаларды колдонуу менен текшеришти.

Апта боюнча бөлүп, кутуга салынган календардын баракчаларын санап, балдар жылдын биринчи айы — январда канча апта барын (төрт апта жана 3 күн) аныкташты. Тарбиячы айдын бардык күндөрүн санап, январда 31 күн бар экенин айтты. Январдын бардык барактарын өзүнчө топтоп, кутудагы жогорку катардын сол жактагы биринчи уясына салды. Ошентип январь — жылдын биринчи айы экендигин такташты.

Андан соң тарбиячы кийинки экинчи ай — февраль деп аталаарын жана бул айда да балдар күн сайын календардын барагын алып, кутуга чогултаарын айтты. Анан балдар февраль аптанын кайсы күнүнөн башталаарын аныкташты. Айрым балдар февралдын бири — дүйшөмбү болууга тийиш деп эсептешти. Анда тарбиячы январдын акыркы аптасы кайсы күн менен бүткөнүн сурады. Карточка боюнча дагы бир жолу текшерип көрүшсө, дүйшөмбү экен. Демек, февралдын алгачкы аптасы шейшембиден башталды.

Күндөрдү календарь боюнча аныктай билүү, өзгөчө аптадагы күндөрдү атоо балдарда бара-бара калыптанды. Ошентип, календарь боюнча эки занятие өткөрүп жана аны бир ай бою пайдалангандан кийин жогорку группалардын 43 проценти бүгүнкү күндү туура атап бере алышты. Ошондуктан биз балдар менен ар кандай дидактикалык оюндарды карточка менен (тиешелүү түстүн негизинде) өткөрдүк, бул болсо аптадагы күндөрдүн кезегин билүүнү бышыктоо максатында болду.

Оюндун тапшырмаларынын варианттары ар түрдүү. Мисалы, аптанын күндөрүн бири-бирине жакын турган түгөйү менен коюу («түгөйүн тап» оюну) сунуш кылынды. Же аталган күнгө жандаш (катарында) турган күндү табуу («Коңшусун тап» оюну). Же аптадагы каалаган күндөн баштап катары менен коюу («Кимдин аптасы тезирээк чогулат» оюну). Ошондой эле Ф. Н. Блехердин «Дидактикалык оюндар» (М., 1948) жыйнагындагы «Аптадагы күндөр» деген оозеки дидактикалык оюну пайдаланылды. Мындай оюндар үйдө да, сейилдеп жүргөндө да өткөрүлүп, аптанын күндөрү тууралуу балдардын билимин бышыктоого чоң көмөк берди.

Балдардын назары күнүнкүсүн күнү белгиленди. Адегенде алар

же айды, же числону, же күндү атоону унутуп коюп жүрүштү; мындай учурда алар датаны көрүү үчүн календарга чуркап барып, айрым убакта кечээки күн тууралуу маалыматтарды эстеп, бүгүнкү күндү аныкташты. Кээде күнөөлүүдөй: «Бүгүн календарды карабай калыптырмын»,— дешти. Балдар календардан жана кутудан аптадагы күндөрдүн тартибин өз алдынча карап, же алдыдагы өздөрүн кызыктырган күндөргө, окуяларга ж. б. канча калганын аныктоого аракеттенип жатканын көп эле жолу көрүүгө болот.

Ар бир айдын аягында балдар менен кайсы ай аяктаганын; анда канча апта, күн болгонун сурап, аны мурдакы ай менен салыштырып, маектештик. Жыл башынан бери канча ай өткөнү аныкталып, жаңырган айдын аты жана анын катар номери такталды.

Ушундай эле календарь менен иштөө даярдоо группасында улантылып, жаңы жылдын алгачкы күндөрүндө календарь менен жалпылаштырылган акыркы сабактар өткөрүлдү. Бул занятиеде календардык жыл жөнүндө түшүнүктөр (бир жылда канча ай бар, алар кайсы) такталды. Занятиеде өткөн жылдын календарынын барактары ай боюнча салынган куту көрсөтмө материал болуп кызмат өтөдү. Суроолор биринчи занятиедегидей эле болчу, бирок мында балдар өз алдынча жооп беришти. «Жакында эле биз кайсы майрамды белгиледик? Кайсы жыл аяктады? Кайсы жыл келди? Жаңы жыл качан башталды? (Кайсы айда? Кайсы числодо?) Өткөн жылда канча ай бар эле? Жылдын биринчи айы кайсы» ж. б.

Жыл бою календарды пайдалануунун натыйжасында балдар системалаштырылган билимге ээ болушту. Алар жакында эле жаңы жылдык майрам болгонун, бир жыл бүтүп, кийинки жыл келгенин атап, кайсы экенин айтышты. Бардыгы жаңы жыл дайыма январь айынан башталаарын билишти. 26 баланын 13ү жаңы жылдын 1-январдан баштала тургандыгын (өткөн жылы алардын бардыгы жаңы жыл 31-декабрда башталат деп эсептешкен) айтышты. Алты бала жаңы жыл 31-декабрдын түнүндө саат 12ден кийин башталат деп андан да так жооп беришти. Төрт гана бала жаңы жыл 31-декабрда баштала тургандыгын көшөрүп далилдөөнү улантышты (сыягы Жаңы жылды тосуу тажрыйбасынан улам окшойт).

Бир жылда 12 ай бар, жылдын биринчи айы январь, акыркысы декабрь экендигин балдардын бардыгы билишет. Ошондой эле айлардын кезегин жана тигил же бул айдын канчанчы катарда экендигин да ажыратып бере алышты. Алардын көпчүлүгү жылдын төрт мезгили жана анда кайсы айлар бар экенин да билишти. Мында балдардын жылдын жай жана кыш мезгили тууралуу билими кыйла тагыраак болду жана күз, жаз мезгилиндеги айлар тууралуу 50 проценти гана жооп беришти. Балдар аптадагы күндөрдүн санын, бир айдагы күндөрдүн санын да айтышты. Жаңы жылдын календарын ачуу менен тарбиячы С. Я. Маршактын «Ачканымда календарь — эң башында январь» деген ыр сабын окуду.

Улуу группаларда жана мектепке даярдоо группаларында ка-

лендарды өздөштүрүү боюнча системалуу иштерди жүргүзүү календарды пайдалануу үчүн бир жарым жыл бою күн сайын кунт коюуну талап кылат жана күндөрдүн өтүп жатканын билдирбестен гана убакыттын, мезгилдин да өтүп жатканын календардык жылдын кайталанмалыгы жана анын кайрылбастыгы (өткөн жыл кайрылып келбейт; андан кийин жаңы жыл башталат) тууралуу билимин калыптандырууга мүмкүнчүлүк түздү.

Календарь менен иштөө жана апталарды, айларды системалаштырган куту түрүндөгү календардык жылдын моделин пайдалануу окуп-үйрөнүү маселесин бир топ жеңилдетти. Жылдын мөөнөтү жана аны өлчөөнүн эталондору тууралуу балдардын түшүнүгүн так калыптандырууга болгону төрт гана занятие өтүп, жыйынтыктоочу бир нече дидактикалык оюндарды ойноо талап кылынат.

## 3-глава

## МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ УЛУУ ГРУППАЛАРДАГЫ БАЛДАРДА УБАКЫТТЫ СЕЗЕ БИЛҮҮНҮ ӨНҮКТҮРҮҮ

Иштин азыркы кездеги шарты адамдардан иш аракеттердин жүрүшүндө убакыттын өтүшүн байкай билүүнү, аны бөлүштүрө алууну, ар кандай белгиге тез көңүл бурууну жана берилген убактылуу аралык менен тез же жай иштөөнү, убакытты үнөмдүү пайдаланууну талап кылат. Адамдын иш аракетинин бардык түрлөрүндө кандай да болбосун убакытка багыт алуу, аны сезе билүү талап кылынат. Өз кезегинде убакытты сезүү адамды уюштургуч жыйнактуу болууга, убакытка сарамжалдуу мамиле жасоого, аны үнөмдүү пайдаланууга, так болууга жардам берет. Убакыт ар түрдүү иш аракеттердин жөнгө салуучусу гана болбостон, ал адамдын социалдык мамилелерин да теске салуучу болуп эсептелет.

Убакыт окуучунун күндөлүк жана окуучулук турмушун 1-класстан баштап жөнгө салуучу болуп эсептелет. Б. Г. Ананьевдин жетекчилиги менен окуунун алгачкы жүрүшүндө балдардын акыл-эсинин өсүшүн текшерип, психологиялык-педагогикалык сериядагы изилдөөлөр жүргүзүлдү. Бул изилдөөлөр[1] мектепте балдардын билимин, ыгын жана ойлоо көнүмүшүн өстүрүүдөгү мейкиндиктик убакытты ориентировкалоо эң негизги шарттардан болуп эсептелбеген бир дагы иш аракеттери жок экендигин далилдеди.

Мектепке киргенге чейин убакытты айырмалай билбеген балдар көпкө чейин кыйналат. Балдар алгачкы эле сабактагы тиешелүү убакытта бир калыпта иштей билүүнү, өз аракетин башкара билип, убакытты үнөмдөй алышы керек. 1-класстын окуучулары сабакка кечикпей барууга, үйдө өз убагында сабак даярдоого, бардыгын жасоого жетишүүгө үйрөнүшү зарыл.

---

[1] Карагыла: Ананьев Б. Г. Пространственные различения. Изд-во ЛГУ, 1955.

Балдарга коюлуучу бул талаптардын бардыгына аларды мектепке чейин эле даярдоо керек. Бул үчүн баарыдан мурда балдарда убакытты сезе билүүнү өстүрүү — убакыттын белгилүү бөлүгүн аныктап жана үнөмдөй алууга үйрөтүү керек.

Биздин байкашыбызча мектепке чейинки улуу группалардагы балдарда убакыт боюнча иш аракеттерди жөнгө салууну калыптандырууга болот. Бул үчүн балдардын көңүлүн турмуштук эң маанилүү убакыт аралыгына буруу керек, бул убакытта эмне иштерди аткарууга үлгүрө тургандыгын көрсөтүү керек, аракет процессинде өлчөөгө көнүктүрүүгө, андан соң ошол учурга өз алдынча баа берүүгө, өзүнүн аракетин эсептөөгө жана аны мурда белгиленген мөөнөттө аткарууга үйрөтүү керек.

Убакытты сезүүнү калыптандыруунун негизги факторлору болуп төмөндөгүлөр эсептелет.

1. Убакыт эталондорун билүү (алар тууралуу жалпыланган түшүнүктөр). Балдар убакыттын кайсы созулушу жөнүндө айтылып жаткандыгын түшүнүүсү же убакыт аралыгынын созулушун өз алдынча аныктай алышы үчүн алар убакыт чендерин саатка карата билип жана саатты пайдаланууну үйрөнүшү керек.

2. Убакыт аралыгынын созулушун балдардын сезип тынчсыздануулары. Бул үчүн балдардын ар түрдүү иш аракеттерин белгилүү убакыттын бир бөлүгүнүн чегинде уюштуруу зарыл. Бул болсо балдардын убакыттын созулушун сезүүгө жана убакыттын тигил же бул бөлүгүндө ишти реалдуу бүтүүгө үлгүрө тургандыктарын элестетүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Бул мындан ары убакытка карата өз иш аракеттерин пландаштыруудагы жөндөмүн калыптандыруунун негизи болуп кызмат кылат, б. а. ага бөлүнгөн убакытка карата иштин көлөмүн тандап алуу.

3. Балдар убакыт аралыгын саатсыз сезе билүүнү баалоосун өстүрүү. Чоң кишилердин көз салып турушу алардын баа берүүнүн адекваттуулугун өздөштүрүшүнө көмөкчү болуу менен убакытка багыт алууга машыгууларын иштеп чыгууларын чыңдоо катарында зарыл.

Бала бакчалардагы улуу жана мектепке даярдоо группаларында балдардын убакытты сезүүсүн өстүрүүнү биз адегенде 1, 3, 5 жана 10 минута аралыктан баштадык, анткени бүт аралыктарды балдардын ажырата билиши турмуштук эң маанилүү зарылчылык болуп эсептелет. 1 минута — бул балдарга алгачкы жеткиликтүү убакыттын бирдиги, андан 3, 5 жана 10 минута түзүлөт. Анын үстүнө убакыттын бул чени турмуш тиричиликте айлана-чөйрөдөгүлөрдүн сөздөрүндө көбүрөөк кездешет. «Бир минутадан кийин», «Ушул минутада», «Бир минута күтө туруңуз» деген сөз айкалыштарын балдар дайыма угушат, бирок убакыттын бул аралыгы тууралуу түшүнүктөрү али адекваттуу эмес. Ошондуктан биз ишти балдардын аралыкты кабыл алышынан баштап, андан кийин башка интервалды өздөштүрүүгө өттүк.

Ишти уюштуруунун жана жүргүзүүнүн ыкмасы мындай:

1) секундомерди, кум саатты, саат-конструкторду пайдаланып,

1, 3, 5, жана 10 минуталык аралыктардын созулушу менен балдарды тааныштырдык;

2) ар кандай иш-аракеттерде бул аралыктардын созулушуна тынчсызданууга шарт түздүк;

3) балдарды ишти белгиленген мөөнөттө аткарууга үйрөттүк (1, 3, 5 минута), бул үчүн убакытты өлчөөгө жана иш аракеттеринин созулушун баалоого, аны аткаруудагы темпти жөнгө салууга көнүктүрдүк.

Ишти этап боюнча жүргүздүк.

Биринчи этапта ишти белгиленген мөөнөттө бүтүргөндүктөрүн кум саат боюнча аныктоого үйрөттүк (1 минутада аткаргыдай тапшырма берилет жана убакытты бир минуталык кум саат менен байкап турат) биз муну менен балдар ченди пайдаланууга үйрөнүүсүнө шарт түздүк.

Тарбиячы ар дайым балдардын кум саат боюнча убакытты туура контролдой алышына баа берип турду.

Экинчи этапта иштин жүрүшүндө убакыт аралыгынын созулушундагы түшүнүк боюнча баа берүүгө үйрөттүк. Тарбиячы убакыттын созулушуна балдардын баа берүүсүн каттап турду.

Үчүнчү этапта алардын убакыттын созулушу тууралуу түшүнүктөрүнүн негизинде убакыттын көрсөтүлгөн бир бөлүгүндө иш аракеттердин көлөмүн алдын-ала пландаштырууга үйрөттүк. Берилген убакыттын созулушу план боюнча белгиленген иштин көлөмүн аткаруу кум саат менен текшерилди.

Төртүнчү этапта убакыттын бир бөлүгүнүн созулушун турмуш-тиричиликте, сабактарда, оюндарда билүүнү үйрөттүк.

Иш күндөгүдөй эле уюштурулган сабактарда жүргүзүлдү.

Биринчи үч сабактагы программалык материалда төмөндөгү милдеттер коюлду:

1) балдарды 1 минутанын созулушу менен тааныштыруу;

2) ар кандай иштин жүрүшүндө убакытты кум саат боюнча көзөмөлдөп билүүгө үйрөтүү;

3) тапшырманы өз учурунда аткара билүүдө канааттануу сезимин калыптандыруу.

Биринчи сабакта биз 1 минута тууралуу түшүнүктү тактадык. «Минута — бул 60 секунда, ал эми секунда болсо абдан кыска: «бир» дегенче ал өтүп кетет, бир минутада болсо мындай секундалардын алтымышы бар»,— деп тарбиячы 1 минутанын созулушун секундомерде көрсөттү. Бул куралдын аталышын тактап, «секундомер» деген сөз менен аларды тааныштырды. Балдарга секундомердеги жебенин кандайча жылышын көрсөтүп, ал дайыма тегеректи 1 минутада айланып чыгарын түшүндүрдү. Бир минута отуруп, анын созулушун секундомер менен өлчөөнү сунуш кылды. Мындан кийин кум саат көрсөтүлүп, бул эмне үчүн мындайча атала тургандыгын ойлоп көрүү тапшырылды.

1 минутанын созулушун бир эле мезгилде тарбиячы кум саат жана секундомер менен көрсөттү. Тарбиячы менен кошо балдар 1 минутаны секундомер жана кум сааттын жардамы аркылуу өлчөөгө боло тургандыгына жыйынтык чыгарышты. Тарбиячы жана

балдардын өздөрү бул убакытты өлчөөчү приборлор пайдаланыларын айтышты.

Андан кийин ар бир столго бирден кум саат коюп, 1 минутанын ичинде эмне аткарууга үлгүрө тургандыктарын айтууну сунуш кылды. Ушул сабактарда жана кийинкилеринде балдардын өздөрү 1 минутанын ичинде эмне аткарууга үлгүрө тургандыктарын текшерүүлөрү керек.

Занятиеде балдар 3 тапшырманы аткарышты:

1. Бир минутада таякчалардан кандайдыр бир оймо-чиймелерди жасашты, бул убакта 1 минуталык кум саатты байкап турушту. Мындай көрсөтмө берилди: ар бир столдогу балдар белги берилгенде кум саатты бир эле убакытта көмкөрүп коюулары керек, иштеп жатканда алар саатты байкап туруулары зарыл. Кум куюлуп бүткөндө минута да аяктайт, ишти дароо токтотуп, столдон колду алыш керек. Иш бүткөндөн кийин балдар 1 минутада канча жана кандай үлгүлөрдү жасоого үлгүргөндүктөрүн айтып беришти. Тарбиячы ишти аткарып жаткан мезгилде кум саатты байкап жана иштерин өз мөөнөтүндө бүткөн балдарды өзгөчө белгиледи.

2. 1 минутанын ичинде 10 таякчадан жайгаштырышты.

3. Бардык таякчаны 1 минутанын ичинде бир-бирден кутучага салышты.

Сабакка даярдык көрүү учурунда иштин көлөмү 1 минутага туура келишин эсепке алганбыз. Таякчаны алып жана аны коюу — эки операция 2 секунданы талап кылат, ошондуктан биринчи сабактагы бардык үч тапшырмада балдарга 30 таякчадан берилди. Ошентип тапшырманы аткаруу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болуучу, б. а. балдар ийгиликтүү иштен канааттануу алуучу шарттар түзүлдү.

Занятиеден мисал келтирели.

Ар бир столго бирден 1 минуталык кум саат коюлат. Тарбиячы мындай дейт:

— Балдар, 1 минутанын ичинде кум сааттын биринчи баллонундагы кум экинчи баллончого куюлганда секундомердин жебеси бир жолу тегеренерин карагылачы.

Белги боюнча кум саатты балдар көмкөрөсүнөн коюшат, ал эми чакырылган бала секундомерди байкап турат.

— Канча убакыт өттү? — Балдар 1 минута өткөнүн айтышат.

— Эми биз 1 минутада эмне иш аткарууга үлгүрөрүбүздү карап көрөлү,— дейт тарбиячы. Иштерин 1 минутада бүткөндөр тапшырмасын туура аткарышат. Убакытты болсо кум сааттан көрүүгө болот: качан гана кум бир баллончодон экинчи баллончого куюлуп бүткөндө 1 минута өтөт. Иштеп жатканда силер саатты байкап, убагында бүтүүгө аракеттенгиле. Эми болсо тарбиячы белги берет,— бир минутанын ичинде таякчалар менен каалагандай оймо-чийме жасагыла.

Ишти жыйынтыктап, ал мындай дейт:

— Вова, Оля (ж. б.) тапшырманы 1 минутанын ичинде туура аткарышты. Алар кум сааттарды байкап, жайгаштырууну 1 минута өткөрбөй бүткөрүштү.

— Лена, сен 1 минутада канча оймо-чийме жасадың? ж. б. у. с.

Кийинки сабактарда балдар кайрадан 1 минутанын өтүшүндө кум сааттын куюлушун байкашып, өткөн сабакта бир минутанын ичинде канча иш бүтүргөндүгүн эстешти. Бул сабакта балдарга берилүүчү тапшырмалар татаалдаштырылды: анда операциянын саны ар кимдин жеке мүмкүнчүлүгүнө жараша болду. Иштин аягында биз иш-аракеттердин бирдей созулушунда иштин жыйынтыгы анын темпине байланыштуу экенине балдардын көңүлүн бурдук. Экинчи сабакта 5 тапшырма берилди, алардын ар бирин 1 минутада аткаруу сунуш кылынды, мында кум саатты байкоо менен убакытка көз салынат. Төмөндөгүдөй тапшырмалар берилди:

1) чакмак кагаздын ар бир сабына 1 минутада таякчаларды тартуу;

2) кагазды тилке-тилке кылып кесүү (белгиленген сызык боюнча), андан кийин ким канча тилке кесүүгө үлгүргөнүн саноо;

3) столго чакырылган үч балага тарбиячы 1 минутанын ичинде куурчакты чечинтүүнү, андан кийин 1 минутанын ичинде куурчактан канча кийим чечүүгө үлгүргөнүн айтууну сунуш кылды;

4) 1 минутанын ичинде куурчакты кийинтүү жана куурчакка канча кийим кийгизүүгө үлгүргөнүн айтып берүү: кийинтүү тезби же чечинтүү тезби, ошону салыштыруу керек.

5) Чечип-кийүүчү бөлмөдө беш баланы 1 минутанын ичинде кийинүүнү сунуш кылып, ал эми калгандарына 1 минутанын ичинде канча кийим кийүүгө үлгүрө турганын байкап турууну тапшыруу.

Үчүнчү сабактын уюштурулушу экинчи сабакка окшош, тапшырманын саны менен гана айырмаланат. Балдар кагаз тилкелерди төрт чарчы кылып кесишти, андан кийин аны үч бурчтук түрүндө кесишип, чарчылардан тегерек кесип алышты. Алар 1 минутада канча төрт чарчы, үч бурчтук, тегерек кесүүгө болорун салыштырышты. Сабактын аягында геометриялык фигуралардан түзүлгөн оймо-чиймелерди алышып, 1 минутанын ичинде канча оймо-чийме жасоого үлгүрө тургандыгын аныкташты.

Кийинки үч сабакта башка программалык материалдар бар:

1) бир минута жөнүндө алган түшүнүгү боюнча өз иш аракеттеринин созулушун баалоого балдарды үйрөтүү;

2) убакытты так аныктай алганына канааттануу сезимин калыптандыруу.

Төртүнчү, алтынчы сабактарда биринчи үч сабактардагыдай эле тапшырмаларды аткаруу сунуш кылынды, бирок мында алар убакытты кум саатсыз аныкташты. Төмөндөгүдөй көрсөтмө берилди: «Силер өзүңөр 1 минута өттү деп ойлогонуңарда ишиңерди токтоткула, мен текшерип, ким качан бүткөнүн айтам. 1 минута өткөнүн ким так болжогонун көрөбүз».

Кийинки эки сабак мындай программалык милдеттерди аткарууга арналды:

1) бир минуталык аралыкка ылайык келген иштин көлөмүн туура тандап алууга балдарды үйрөтүү;

2) өзүнүн иш аракеттерин убакыт боюнча пландаштыра билүүдөн алган канааттангандык сезимин тарбиялоо.

Балдарга 1 минутанын ичинде өз алдынча бүткөрө турган иштин көлөмүн белгилөө сунуш кылынды. Мында балдар иштин көлөмүн алдын ала оозеки пландаштыруусу, андан кийин иш жүзүндө аткаруусу жана өзүнүн ишинин созулушун кум саат боюнча баалоосу өтө маанилүү. Мисалы, мындай тапшырмалар берилди: сунуш кылынган үч оймо-чийме үлгүдөн 1 минутада бүтүүгө үлгүрө турганын тандап алуу же 1 минутанын ичинде сугарып бүтүүгө үлгүрө тургандай өсүмдүктөрдү тандоо, 1 минутанын ичинде куурчакка канча кийим кийгизүүгө боло тургандыгын тандап алуу ж. б. Иштердин жыйынтыгын баалоодо балдардын көңүлү тапшырманы аткаруудагы жана пландаштыруудагы убакыттын дал келиш жана дал келбей калыш себептерине бурулду.

Мындай сабактар балдарга көрсөтмөлүү көрүүгө (секундомерде, кум сааттарда) жана 1 минутанын узактыгын сезүүнү билүүгө көмөк көрсөттү. Алар 1 минутада канча иш бүтүүгө үлгүрө тургандыктарына иш жүзүндө ишеништи, убакытты текшерүү мүмкүнчүлүктөрү менен таанышышты.

Кум сааттарды биз балдардын убакытты өлчөөдөгү эң бир ийгиликтүү курал деп эсептейбиз, анткени ал минутанын өтүшүн байкоого мүмкүнчүлүк түзөт. Кум сааттын баллончосундагы кумдун көлөмү боюнча канча убакыт өткөнүн жана бир минутанын бүтөрүнө канча калганын көрүүгө болот. Кум сааттар убакыттын сандык эсептөөлөрүн талап кылбайт жана ошол эле убакытта абдан көрсөтмөлүү. Ошондуктан биз бул куралды балдарга убакытты өлчөөдөгү алардын убакыт жөнүндө түшүнүгүн өстүрүүдө эң биринчи курал катары көрсөтүү керек деп эсептейбиз. Тапшырманы аткарууда убакыттын өтүшүн байкоо менен бирге, бир нече анализаторлор (көрүү, булчуң сезимдери менен) менен мүнөттүк аралыкты кабыл алышып, балдар өздөрүнүн иш аракеттеринин темпин жөнгө сала алышат. Ар түрдүү тапшырмаларды аткарууда убакытты сезүүсүн өстүрүү үчүн убакыттын факторунун өзүн гана, б. а. качан убакытты чоң кишилер айтып турушу жетишсиздик кылат деп эсептейбиз. Убакытты эсептөөнүн факторун балдардын өздөрү киргизүүсү абдан зарыл, бул болсо биздин методикабызда каралган.

Биринчи сабактын максаты балдардын иш аракеттеринде убакытты өздөрү байкашып жана аларга бөлүнүп берилген убакыттын өтүшүнө карата ишин токтотууга көнүктүрүү болуп саналат. Ал дароо эле ишке ашпады, анткени тарбиячы бардык сабактарда иштин бүтүшүн өзү билдиргенге көнүп калышкан. Ошондуктан адегенде кумдун куюлуп бүтүп, минутанын өткөнүнө карабастан иштерин уланта беришип, көнүмүш белгинин берилишин күтүштү. Биз тарбиянын мактоо мүнөзүндөгү баасын билдирген белгини ишке киргиздик: «Силер тапшырманы туура аткардыңар, ишти туптуура бир минута өткөндө бүттүңөр, анткени саатты байкап турдуңар».

Эми сабактарда балдар үчүн тапшырманы гана бүтүү маанилүү

болбостон, анын канчага аткарылгандыгы жана ишти өз убагында токтоткондугу да орчундуу.

Биз убакыттын белгилүү бир бөлүгүндө иштин аткарылышы жөнүндөгү балдардын оозеки отчётуна жана маңызына терең маани бердик. Мындай отчёт аларга убакыт аралыгын айкын элестетүүгө, аны конкреттүү мазмунда толуктоого көмөк берди. 1 минутанын ичинде балдардын аткарган ишинин көлөмү тууралуу аңгемесинен кийин, тарбиячы жалпы жыйынтыкка келип, 1 минутада канча иш аткарууга үлгүрүү керектигин айтты: мисалы, «1 минутанын ичинде өзүңөр көрүп тургандай, жети (же сегиз) чарчы кесүүгө болот». Кийинки сабактарда бул балдарга иштин көлөмүн тагыраак жана созулушун туура белгилөөгө жардам берди.

Сабактын мазмунун мындайча түзүүгө болот: эгерде балдар белгиленген сызык боюнча тилкелерди кесишсе жана 1 минутанын ичинде 2—3 тилке кесүүгө болоруна ишенишсе, анда кийинки сабактарда бул тилкелерден төрт чарчы, тик бурчтук, үч бурчтук жана тегеректерди кесишет. Мындай учурда алар бир минутада 3—4 чарчы андан 6—8 тик бурчтукту, 4—6 үч бурчтукту, тегеректен болсо 2—3 тү гана кесүүгө боло турганын тажрыйбалардан көрүшөт.

Тапшырмаларды аткаруунун жүрүшүндө бир минутанын ичинде балдардын айрымдары көп, кээ бирөө аз жасашты, бул болсо иштин түрдүү темпи тууралуу жыйынтык чыгарууга жардам берди жана алар темпти алмаштырууга аракеттеништи. Биз тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө балдар бир нече жолу иш аракеттеринин темпин алмаштырып, иштин тезирээк темпин өздөштүрүүгө аракеттенгенин байкадык. Бирок милдет балдардын иш аракеттеринин темпин ылдамдатууну өстүрүүдө гана турбастан, аларга убакыттын өтүшүн жана темпин байкай билүүнү түшүнүүгө жардам берүү, б. а. аларды убакытты баалай билүүгө жана убакытка карата өздөрүнүн иш аракеттерин башкара билүүгө үйрөтүүдө турат.

Тапшырманы ылдамыраак жана туура аткарууга аракеттенишип, балдардын айрымдары кум сааттарды гана байкабастан, минутаны да, секунданы да текке кетирбестен, интенсивдүү иштешти. Мына ушуга байланыштуу алардын айрымдарында көрсөтмөнү угууда ишке даярдык көрүүнү баштоо тенденциясы пайда болду, б. а. убакытты коротпоого умтулуу күчөдү.

Сабактын экинчи этабында биз ошол эле тапшырманы калтырдык, бирок анын максаты башкача — балдарды саатсыз убакытка баа берүүгө көнүктүрүү. Берилген иштин бүтүшү 1 минутанын созулушун баалоонун көрсөткүчү болуп эсептелет. Чоң кишилер секундомердин жардамы менен убакытты белгилеп, балдарга алардын жыйынтыктары тууралуу билдиришти. Мисалы, 1 минутанын ичинде кагаз тилкеден төрт чарчы кесүү, ал эми качан балдар 1 минута өттү деп эсептегенде ишти токтотуп, колдорун столдон алууну сунуш кылынды.

Бир топ сабактарда убакыттын бир бөлүгүнүн созулушу жөнүндөгү балдардын түшүнүктөрүн жандандыруу максатында 1

минутадагы убакыт аралыгы көрсөтүлдү, андан кийин тапшырма берилди. Тапшырмаларды аткаруунун жүрүшүндө жана жумшалган убакыттын объективдүү көрсөткүчтөрүн өздөрүнүн субъективдүү баасы менен салыштырууда балдар 1 минутага дал келерлик (корректив) оңдоолорду киргизди, 1 минутанын созулушунун баасы бир сабакта тапшырмадан тапшырмага кандай жакшыртылса, сабактан сабакка да ошондой жакшыртылды.

Минуталык аралыкта иш аткаруунун тажрыйбасы иштин кийинки этабында, балдар минуталык аралыкка карата иштин көлөмүн пландаштырууну үйрөнгөн учурда өзгөчө пайдасы тийди. Балдарга: «Эми силер өзүңөр 1 минутада бүткөрүүгө боло турган ишти тандап аласыңар», — деп сунуш кылынды. 1 минутада канча гүлдү сугарууга боло турганын чогуу талкуулашып, балдардын бирине муну аткаруу сунуш кылынды, анын ишин кум саат менен өлчөп турду. Андан кийин белгиленген иштин көлөмүн аткарууга үлгүргөнүн же үлгүрбөгөнүн айтты. Мындан кийин төрт баланы чакырып, 1 минутанын ичинде куурчакка канча кийим кийгизүүгө үлгүрөрүн алардан сурады. Кум саатты байкоо менен ишти аткарууга сунуш кылынды, аны пландаштыруунун тууралыгына баа берилди.

Иш аракетти пландаштыруунун биринчи учурунда 1 минутада аткарууга мүмкүн болгон чоң көлөмдөгү ишти белгилөө сыяктуу жалпы тенденция байкалды. «1 минутада сабакка бардык столдорду даярдайм», «Бүт өсүмдүктөрдү 1 минутада сугарууга үлгүрөм», — деп балдар өз иштеринин көлөмүн пландаштырып айтышат. Ошону менен бирге бир эле тапшырманы бир нече бала бирдей убакытта ишке ашырды, бул болсо жыйынтык чыгарганда айырмасын көрсөтүп түшүндүрүүгө мүмкүнчүлүк түздү. Мисалы, бир кыз үч оймо-чийменин ичинен 1 минутада үлгүрүп жасагандарын туура тандап алды. Ал оймо-чиймеге керектүү фигуралардын бардыгын мурда тандап алып, оймо-чиймелерди కураштырып, саатты улам байкап турду, ошондуктан ал тапшырманы өз учурунда бүттү. Дагы бир кыз оймо-чиймени туура тандап алып, бирок керектүү фигураларды көпкө издеди, бардыгын жай баракат иштеди, ошондуктан ал ошол эле оймо-чиймени 1 минутада жасоого үлгүрө алган жок.

Ошентип, сегиз сабакта үч этаптын ыраатын сактоо менен, биз минуталык аралыктын узактыгын балдарга түшүндүрүп, кум сааттардын жардамы менен аны эсептөөгө, саатсыз анын созулушун баалоого жана 1 минутада иштин көлөмүн пландаштырууга үйрөттүк.

Убакыт факторун балдардын иш аракеттериндеги сабактарда гана эмес минуталык кум сааттарды тарбиячылар жана балдар башка иштерде да пайдаланышты. Мисалы, сабак бүткөндөн кийин 1 минутанын ичинде өз жумуш орундарын тартипке келтирүүдө кум сааттарды пайдалануу сунуш кылынды жана балдар убакытты туура пайдаланышты. Кум сааттар дайыма балдар чечинипкийинүүчү бөлмөдө турат. Балдар өздөрү 1 минутанын ичинде канча кийим кийүүгө үлгүрөрүн текшеришет. Бул кийинүүнү бир

канча ылдамдатып, сейилге чыгууну тездетет. Убакыттын 1 минуталык ченин өздөштүрүү жана кум саат менен пайдаланууну үйрөнүү менен балдар убакытты өздөрү ар кандай иш аракеттерде өлчөй башташты.

3 — 5 аралыктын созулушу менен балдарды тааныштыруу ушундай эле методикада жүргүзүлдү. Адегенде, ар кандай минутанын суммасы катарында үч минуталык аралыгы көрсөтүлүп, 3 минуталык кум сааттагы кум куюлуп бүткөнчө минуталык кум сааттарды канча жолу көмкөрөсүнөн коюуга болорун жана секундомердеги жебе тегеректи канча жолу айланап чыгарын көрсөтүшөт. 3 минутага эсептелген ишти аткарууда, балдар 1 минуталык ишти аткаруудагы иштер менен салыштырышты. Мисалы, сейилге чыгаарда 1 минутада жана 3 минутада канча кийим киерин салыштырышты.

3 минута менен таанышуудагы биринчи сабакта аларга жаңы тааныш болгон убакыттын бул аралыгы менен тапшырманы аткарууга бардык балдар үлгүрө алышкан жок. Алар адегенде абдан шашышты, бирок баллончодогу кумдун али көптүгүнөн улам акырындап иштей башташты, саатты байкоону да токтотушту, кайык жасоо же үй куруу, сүрөт тартуу менен алек болушуп ишти өз мөөнөтүндө бүтүрүүгө үлгүрө алышпады. Балдар тажрыйбага ээ болгон сайын бир темпте иштеп, кум сааттарды байкоого жана ишти өз мөөнөтүндө бүткөрүүгө көнүгүштү.

Иштин кийинки этаптарында балдар өздөрү 3 минутадагы убакыттын созулушун баалоодо тарбиячы кум сааттын эки түрүн көрсөтүп, саат жүрө баштаганда кайсы саат 1 минуталык, кайсы саат 3 минуталык экенин балдарга жаңылбай аныктоону сунуш кылды. Андан кийин аларга эч нерсе жасабай, 3 минута отуруп, 3 минута бүттү го деп сезгенде кол көтөрүүнү талап кылды. Балдардын көпчүлүгү алгачкы учурда бул аралыкты баалашпады, бирок кырк секунда өткөндөн кийин гана колдорун көтөрүп жатышты. Бул болсо аралыктын көбүрөөк созулушу өзгөчө ал убакыт белгилүү бир мазмун менен камсыз болгондо баалоо кыйыныраак экендигин айгинеледи.

Мазмундуу тапшырмаларды (эркин чаптоо же столдук курулуш материалдарынын калдыктарынан курулуш түзүү, же сүрөт тартуу ж. б.) аткарууда убакытты баалоодо балдар өтө тактыкты көрсөтүшүп, үч минуталык аралыктын созулушун саатсыз эле аныктай алышты.

Иштин үчүнчү этабында иштин көлөмүн 3 минутага пландаштырууда балдарга ошол эле тапшырманын түрлөрүн пландаштырууу сунуш кылынды, мындай тапшырманы алар 1 минутага пландаштырууда аткарышкан. Бул болсо мурда ээ болгон тажрыйбага жана иштин көлөмүн 3 минутага көбөйтүүгө таянууга мүмкүндүк түзөт.

Бул сабактарда балдардын бирөөнө ишти 1 минуталык аралыкта, экинчисине ошол эле ишти 3 минуталык аралыкта пландаштырууну сунуш кылышты. Тапшырманы аткарып бүткөндөн кийин, мисалы, ушул убакыт аралыгында кагаздын бетине тартылган

геометриялык фигуралардан канчасын кесип үлгүрүүгө боло тургандыгын салыштырышты. Эми балдар сабактарда да жана күндөлүк турмушта да 1 минуталык жана 3 минуталык кум сааттарга туура келерлик убакыттын 1 минуталык жана 3 минуталык эки убакыт чендерин пайдаланышат.

5 минуталык аралык менен тааныштыруу да ошол эле системада өткөрүлдү. Бул аралыкты балдар 1 минутадан кийин келип чыккан чоңдук катары кабыл алышты: минуталык кум саат 5 жолу көмкөрүлүп коюлат, 5 минута өткөнчө секундомердеги жебе тегеректи беш жолу айланып чыгат. Бул болсо аларга 1 жана 3 минуталык убакыттын созулушун билүүдөгү билиминин негизинде жаңы убакыт аралыгын кабыл алууга көмөк берди. 5 минутанын ичинде эмне иштөөгө үлгүрүүгө болот деген суроого алар 3 минутада иштеп бүтпөгөн иштерди — толук кийинүүгө, чоң үйдүн курулушун ж. б. аягына чейин бүткөрүүгө боло тургандыгын айтышты.

5 минуталык аралык менен тааныштырууда адегенде убакытты өлчөөдө алар мурдатан тааныш болгон кум сааттар колдонулду. Кум сааттар менен бирге капталынан ичиндеги механизмдери көрүнүп турган кызыл корпустуу оюнчук саат-конструкторлорду көрсөтүштү. Бул сааттар абдан ыңгайлуу, аларды керектүү убакта жүргүзүүгө жана токтотууга болот. Мында биз куралдын өзү саат менен балдарды али тааныштыра электе сааттагы даанараак байкалган 5 минуталык аралыгын да көрсөттүк. Бул аралыкты оңой көрүүгө болот, бул болсо сандан санга чейинки аралык, аны оңой эле эстеп калууга болот. Мурда алар өздөштүргөн чендин — 1 минутанын жардамы менен 5 минута убакытты өлчөөнүн ыкмасын көрсөтүп, сааттагы сызыктан сызыкка чейинки аралык 1 минута боло турганын, ал эми 5 минутада сааттагы жебе 5 сызыкты өтөөрүн түшүндүрдүк. Балдар саат боюнча оңой багыт жасай башташты, аларга убакытты өз алдынча аныктоо жакты. Алар кум сааттарга караганда иштөө учурунда дайыма столдо турган тарбиячынын столунда турган конструктор-саатка көбүрөөк көз салышты. Муну балдар бул сааттан аларды: «Кум сааттан канча мүнөт калганын так билүүгө болбойт». Ошентип саатты алар убакытты так өлчөөчү курал экенин иш жүзүндө көрүштү.

Убакыттын 5 минуталык аралык созулушун өздөштүрүү менен иштин керектүү темпин да өздөштүрө баштагандыгын байкоолор көрсөттү. Балдар 5 минуталык аралыктагы тапшырманы аткарууда биринчи сабакта саатты жүргүзөөр замат дароо тез темпте иштей башташты, бирок саатты карап, дагы көп убакыт бар экендигин көрүп, иштин темптерин басаңдатышты, шашпай, жай баракат иштеп калышты. Негизгиси, алар тапшырманы бир убакытта аткарып бүтүштү.

Мында иштин мүнөзүнүн сабактан сабакка татаалдана тургандыгын белгилөө керек. Эгерде балдар биринчи сабакта бир тапшырманы бөлүнүп берилген убакыттын аралыгында бир типтеги (1 минутада балдар төрт чарчыны кесишсе), иштерди аткарган болсо 3 минуталык, өзгөчө 5 минуталык тапшырмаларда татаалыраак операцияларды жасашты: ар түрдүү фигураларды кесип жа-

на алардан оймо-чиймелерди кураштырышты. Операциялардын ар түрдүүлүгүндө убакытты эсептөө татаалыраак болду, бирок бул тажрыйбаларда балдар убакытты тагыраак эсептей алышты.

Сабактарда иш аракеттеринин темпи эске алынып, 1 минутадагы, 3 минутадагы жана 5 минутадагы аткарган иштеринин көлөмү дайыма салыштырылып турду. Мисалы, үч баланы чакырып, 1 минуталык, 3 минуталык жана 5 минуталык кум сааттардын жанындагы стулда каалагандай отурууну сунуш кылды. Бир эле мезгилде саатты көмкөрүп, кагазда тартылган сүрөттөрдөн 1, 3, 5 минутага ылайык келгендей геометриялык фигураларды кесүүнү тапшырды. Тапшырманы аткаргандан кийин белгиленген убакыттын ичинде ким канча фигура кескенин айтышты. Убакыттын ар кандай аралыгында мындай иштердин аткарууга мүмкүн боло турган көлөмүн салыштырышты.

10 минуталык аралык менен тааныштырууда математикалык сабактардан башка 10 минутанын ичинде аткарууга мүмкүн болгон тапшырмаларды, б. а. сүрөт тартууда, кол эмгекте, дене тарбия көнүгүүлөрүндө ж. б. аракеттенүүлөрдүн башка түрлөрүндө жүргүзүлдү.

Мисалы, сүрөт тартуу боюнча сабакта балдарга адегенде вазанын сүрөтүн тартып жана боёо сунуш кылынды. Саат жүргүзүлгөндөн беш минутадан кийин жебе кайсы жерде болоорун, саат-конструкторлордо аныкташты. Иш учурунда алар жебени байкашты, иш аяктаганда ким канча иш бүтүрүүгө үлгүргөнүн, ким өз убагында бүтүргөнүн талкуулашты. Андан кийин 10 минутанын ичинде вазага оймо-чийме тартуу сунуш кылынды. Тарбиячы оймо-чийме кандай болорун жана аларды кандай тартуу керектигин көрсөтүп, андан кийин сааттын жебеси 10 минута өткөндө кайсы жерде болорун түшүндүрдү. Балдар 10 минутаны белгилеген кичинекей сызыкча менен эсептешти, тарбиячы 10 сааттын жебеси 5 жана 5 деген эки сандын аралыгын өткөнүн көрсөттү. Саат жүргүзүлдү, балдар 10 минутадан кийин оймо-чиймелерди өз алдынча бүтүрүштү.

Кыймылды өнүктүрүү боюнча сабакта балдарга 10 минутанын ичинде тарбиячы менен бирге көнүгүүлөрдү жасоо сунуш кылынып, анан бул убакыттын ичинде канча көнүгүү жасоого үлгүргөндүгү эсептелди.

Мында тапшырманы аткарууга бөлүнгөн убакытты так сактоо өтө маанилүү. Эгер балдардын айрымдары биринчи кезекте тапшырманы аткарууга үлгүрбөсө, ишти бүткөрүүгө ага дагы канча убакыт керектеле тургандыгы аныкталып, анан ал өзү белгилеген мөөнөткө чейин ишти улантуу жүргүзүлдү. Сандан санга чейинки аралык — сандын аралыгындагы 5 сызыкча — балдарга 5 минутаны эсептөөгө жардам берди жана бул аралыкты кум сааттардын жардамы менен текшерүү керек. Мына ушундай шартта балдар жебенин жайгашышын механикалык түрдө гана эсептебестен, убакытты аң-сезимдүү түрдө эсептеп, пайдалана алышты.

Убакытты саат боюнча аныктай билүүгө үйрөтүү жана сааттардын түзүлүшү менен тааныштыруу да сабактарда иш жүзүнө

ашырылат. Сааттын макеттерин таркатып берилген материал катары пайдаланышты, тарбиячынын столунда саат-конструктору бар, дубалда чоң саат илинип турат. Столдо турган сааттын макети экендигин балдар болжоп билишти. Андан кийин эки жебенин чоңдугун карап, алардын эмнени көрсөтөөрүн аныкташты. Сааттын чоң жебесин 12 деген санга, ал эми кичинесин болсо сандан санга которуу, алардын эмнени көрсөтөөрүн тактоо сунуш кылынды. Саат-макетте көрсөтүлгөн тигил же бул убакыттарда балдар бала бакчадан эмне иштерди аткара тургандыгын эске түшүрүүсүн өтүндүк. Андан кийин чоң жебени бир-эки санга жылдырып, сааттагы убакытты аныкташты. Дубалда илинген саатка көңүл буруп жана бул сааттагы убакытты аныкташты (саат 10).

Кийинки сабакта балдардан дубалда илинген сааттагы убакытты аныктоо сунуш кылынды, ушундай эле убакытты балдар өздөрүндөгү сааттын макетинен да көрсөтүштү, андан кийин минуталык жебесин дагы 5 минутага жылдырышты. Ар бир жолу алардын сааты канчаны көрсөтүп тургандыгын айтып берип турушту. Андан ары минуталык жебе тегерек боюнча жылып, 1 саатта тегеректи толук бир айланып чыга тургандыгын түшүндүрдүк. Эгер тегеректи тең экиге бөлсөк (жарымын түстүү жарым айлана менен жаап, сааттын макетинен көрсөтүшөт) эки жарым тегерек пайда болот; тегеректин жарымын жебе жарым саатта өтөт. Эгерде тегеректин ар бир жарымындагы бир жолу экиге бөлсөк, анда сааттын төрттөн бир бөлүгүнөн төрт жолу келип чыгат. Тегеректин төрттөн биринин ар бир кесиндисин минуталык жебе төрттөн бир саатта — 15 минуталык өтөт. «Төрттөн бир», «төрттөн бири кем саат бир» деген айтылыштарды саат-конструктордо көрсөтүүгө болот. Ошентип экинин төрттөн бирин көрсөтүп, тарбиячы минуталык жебени дагы 15 минутага алдыга жылдырып, жебе тегеректин төрттөн бирин эки жолу айланып чыккандыгын айтты: андан кийин дагы бир төрттөн бир бөлүккө жылдырды. «Эми минуталык жебе тегеректин канча бөлүгүн өттү? — деген суроо берилди. «Сааттын төрттөн үч бөлүгү кандайча аталат?» — деп тарбиячы кошумчалап, сааттын жебесинин экөө тең эмнени көрсөтүп тургандыгын балдардын өздөрү айтып берүүсүн сунуш кылды. «Бир саат жана сааттын төрттөн үч бөлүгү»,— деп балдар жооп беришти. «Саат бир болгончо жебе дагы канча төрттөн бир бөлүктү өтөт? деп тарбиячы суроо берди. «Дагы бир жолу төрттөн бир бөлүк»,— деп балдар жооп беришти. «Туура. Азырынча биз саат төрттөн бири кем экини көрсөтүп турат деп айтабыз».

Андан ары «экиге жарым саат калды» деп эмне үчүн айтылаарын жана мындан башкача кандай айтууга боло тургандыктарын билебиз. Балдар төрттөн бир бөлүк боюнча окшоштуруп, 30 минутаны эмне үчүн сааттын жарымы деп атоого болоорун дароо түшүндүрүп беришти. Минуталык жебенин көрсөтүүсүн аныктап, саатта алар эсептин башталышы катары 12 деген санды алуу керектигин алар эң туура табышты. Мындан биз эки сабактан саатты убакытты өлчөөчү курал катары керектүү маалыматтарды толук берүүгө боло тургандыгын көрдүк.

Андан ары тарбиячылар жана балдар саатты керек болгон учурда гана колдонушту. Кийинки сабактардын бардыгы тарбиячы балдардын сабакты саат канчада баштагандыгын суроо менен сабактын бүтөрүнө жарым саат калгандыгын аныктоо менен башталды. «Анда саатта убакыт канча болот?» Балдар бул убакытта бүтүүгө үлгүрө тургандыктарын белгилешти. Мында балдар сабак туптуура 30 минутта бүтүшүн өтө кунт коюу менен байкап тургандыктарын белгилөөгө болот. Эми балдар өздөрү тарбиячыга сабак жакында бүтөөрүн, же ага 5 минута калганын эскертип же «дагы көп бар» деп эскертип турушту. Сабактын жүрүшүндө 5, 10, 15 минутага ар башка тапшырмалар берилип, анда балдар тигил же бул тапшырмаларды аткарууда убакыттын созулушун өздөрү аныкташты.

Балдар убакытты сабакта гана жөнгө салуучу катарында пайдаланбастан, аны өз алдынча иш аракеттеринде да пайдаланып, бала бакчадагы турмушунда алардын саатты бөлүштүрүүдөгү билимин текшердик. Буларды сабактарда иштеп, анын максатын тарбиячы: «Сабакта бала бакчада качан эмне иштээрибизди эскертип, аны саатта көрсөтүп беребиз» деп түшүндүрдү. Балдар саатмакеттеги жебени жылдырып, керектүү убакытка коюп, бул учурда алар эмне иштерди аткаргандыктарын айтып беришти.

Мектепке даярдоо группаларындагы балдар менен белгиленген убакытта өздөрү гимнастика көнүгүүлөрүнө катарга тизилип, аны дежурный алып барсын деп макулдашты. Алар менен тарбиячы ар бир дүйшөмбүдө кайталап жүргөндөрдү балдар комплекс боюнча дайыма гимнастикалык оюндарды өз алдыларынча жасай тургандыктарын тажрыйба көрсөттү.

Жылдын акырында эч кандай эскертүүсүз, керектүү мөөнөттө сабак өтүүчү орунга өздөрү отуруусун сунуш кылышты.

Балдарды убакытка так болууга үйрөтүүдө, белгиленген мөөнөттү так сактоо өтө зарыл, анткени белгиленген мөөнөттөн чегинүүнү алар өтө тез кабыл алат.

Ошентип, бала бакчадагы бардык сабактын жүрүшүндө балдарды көрсөтүлгөн убакыттын чегинде ишти билгичтик менен аткарууга, убакыт аралыгы боюнча ошол эле иштердин созулушун өздөрү аныктоого жана тигил же бул ишти 5—30 минута чегиндеги белгиленген убакыттын бир бөлүгүндө алдын ала пландаштырууга көнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк бар. Ушул өңдүү сабактардын тарбиялык мааниси өсүп баратат. Мындай шарттарда балдар уюшкандыкта иштеп, азыраак алагды болуп, өздөрүнүн иш аракеттеринин темпин жөнгө салып жана көбүрөөк иштерди бүткөрүүгө үлгүргөндүгүн биздин тажрыйбаларыбыз көрсөттү. Алардын артта калгандарды күтүүгө убакыттары текке кеткен жок, бардыгы ишти бир мезгилде бүткөрүүгө көнүгүштү, бул болсо мектепке даярдоо планында өтө маанилүү. Иштин жүрүшүндө балдардын убакытты сезиши жана убакытка карата өздөрүнүн аракеттерин жөнгө сала билүүсү өркүндөтүлдү.

## Занятиенин конспектиси (тандалма)

### *3 минуталык аралыктын созулушу менен тааныштыруу*

Программалык милдеттер. 1. Балдарды 3 минуталык аралыктын созулушу менен тааныштыруу.

2. Ар кандай иштерди аткарууда кум сааттар менен убакытты көзөмөлдөөгө үйрөтүү.

3. Тапшырманы убагында аткаруудан канааттануу сезиминин калыптанышы.

Материалдар: тарбиячынын столунда секундомер, ар бир столдо кум сааттар (3 минуталык).

Сабактын жүрүшү.

— Бир минутанын канчага созуларын силер билесиңерби? Бир минута — бул — 60 секунд. 1 минутада канча иш бүтүрүүгө болорун билесиңерби? 1 минута көппү же үч минута көппү?

— Ооба, 1 минутага караганда 3 минута көп. 3 минута — бул 1 минута, дагы 1 минута, жана дагы 1 минута, 1 минутадан үч жолу. Тарбиячы 3 минутаны 1 минуталык кум сааттан (аны 3 жолу көмкөрөт), 3 минуталык кум сааттан жана секундомерден (тегеректи жебе 3 жолу айланат) көрсөтүүнү тапшырат.

— 3 минутада эмне иш аткарууга болот деп ойлойсуңар? 3 минутада эмнеге үлгүрөрүбүздү карап көрөлү.

1-тапшырма. Бир барак кагаздан 3 минутанын ичинде кайык жасоо. Кум саатты байкап, 3 минутанын ичинде ишти аяктоо.

2-тапшырма. Үч минутада чакмак кагаздын ар бир сабына тегеректерди тартуу. Иштин өз убагында бүткөнүн баалоо. 3 минутанын ичинде ким канча сап тегерек тартууга үлгүргөнүн эсептеп чыгуу.

3-тапшырма. 3 минутанын ичинде каалаган сүрөттөрдү тартуу. Кум саат боюнча байкоо жүргүзүү менен убагында бүткөрүү. Өз убагында бүткөрүлгөндөрдү баалоо. 3 минутада ким эмне тартууга үлгүргөнүн айтып берүү.

4-тапшырма. Кум саат боюнча убакытты байкап, 3 минутада кийим алмаштыруучу бөлмөдө кийинип бүтүү. 3 минутанын ичинде кимдин канча кийим кийүүгө үлгүргөнүн айтуу. Аларды 1 минутанын ичинде канча кийим кийүүгө үлгүргөнүн салыштыруу (3—4 баланы байкоо).

*3 минуталык аралыктын созулушун аныктай билүүгө машыгууну калыптандыруу*

П р о г р а м м а л ы к   м и л д е т т е р. 1. Балдардын өз иштеринин созулушун баалоого үйрөтүү.

2. 3 минуталык аралыктын созулушундагы билимди бекемдөө, 3 минутанын созулушу менен 1 минутанын созулушун салыштыруу.

3. Убакыт аралыгын так баамдоодо балдардын канааттануу сезиминин калыптануусу.

М а т е р и а л д а р: 1 минуталык жана 3 минуталык кум сааттар, 2 барак актай кагаз, 1 барак чакмак кагаз жана карандаш.

С а б а к т ы н   ж ү р ү ш ү.

Менде кум саат бар. Балдар, мындагы кумдун бардыгы канча убакытта куюла тургандыгын карап, өзүңөр аныктагыла. (Саатты көмкөрүп коюу керек.) Канча убакыт өттү? (1 минута.)

Бул болсо 3 минуталык кум саат, 3 минута өткөнчө бул кум саатты канча жолу көмкөрүп коюуга болот деп ойлойсуңар? Муну текшерип көрөлү.

Өткөн сабакта 3 минутада биз канча иш аткарууга үлгүрдүк эле? (Кайык жасоо, эки сапка тегерек тартуу, анча чоң эмес эки буюмду чаптап жасоо же сүрөтүн тартуу ж. б.). Эми силер ошол эле иштерди 3 минутада жасайсыңар, бирок саатсыз. Өзүңөр үч минута аяктады деп ойлогон маалда ишти токтотосуңар. Мен болсом текшерип, 3 минутанын өтүшүн ким туура сезерин айтып берем.

1-т а п ш ы р м а. 3 минута отургула, качан 3 минута өттү деп ойлогонуңарда колуңарды көтөргүлө.

2-т а п ш ы р м а. 3 минутада кагаздан каалаган буюмуңарды жасагыла. (Убакыт аралыгы туура аныкталса мыкты баа коюлат.)

3-т а п ш ы р м а. Чакмак кагазга 3 минутада тегерек тартуу.

4-т а п ш ы р м а. 3 минутада каалаган сүрөттөрдү тартуу.

5-т а п ш ы р м а. Чечинип-кийинүүчү бөлмөдө 3 минута кийинүү, 3 минутада кийинип үлгүргөнүн айтып берүү.

*3 минуталык аралыктагы иштин көлөмүн аныктоо билгичтиктерин калыптандыруу*

П р о г р а м м а л ы к   м и л д е т т е р. 1. Белгиленген убакытка (3 минута) карата иштин көлөмүн туура тандап алууга үйрөтүү.

2. Иш убактысы боюнча туура пландаштыра билүүдөн канааттануу сезимине ээ болууга тарбиялоо.

М а т е р и а л д а р: кум сааттар, куурчактар, кесип алуу үчүн геометриялык фигуралардын сүрөттөрү тартылган кагаз барактар, кайчылар.

С а б а к т ы н ж ү р ү ш ү.

— Балдар, бүгүнкү сабактын жүрүшүндө силер 3 минутада бүтүүгө үлгүрө турган иштерди өзүңөр тандап аласыңар. 3 минутада бүтө турган иштерди ким туура тандап алаарын көрөбүз.

1-т а п ш ы р м а. Бул барактардын кайсынысынан, үч минутада бардык фигураларды кесип үлгүрүүгө болот? Барактарды тандап алып, аларды 3 минутада кесип бүтүүгө үлгүрүү. Туура тандап алганын баалап, эмне үчүн үлгүргөнүн же үлгүрбөгөнүн белгилөө.

2-т а п ш ы р м а. 3 минутада куурчактан канча кийим чечүүгө болот? Куурчакты 3 минутада чечинтүү. Убакытты текшерүү.

3-т а п ш ы р м а. 3 минутада курчакка канча кийим кийгизүүгө болот? Куурчакты 3 минутада кийинтүү. Пландаштыруунун тууралыгын текшерүү.

4-т а п ш ы р м а. Дежурный балдарга сүрөт сабагына 3 минутада канча стол даярдоого болорун аныктоону сунуш кылат, андан кийин аны жасоо.

*5 минуталык аралыктын созулушу менен тааныштыруу*

П р о г р а м м а л ы к м и л д е т т е р. 1. Беш минуталык аралыктын созулушу менен тааныштыруу.

2. Ар кандай иштерди аткарууда убакытты кум сааттар жана саат-конструктор менен текшерүү.

3. Убакытка карата тапшырманы аткарууну билүүдөн канааттангандык сезимин калыптандыруу.

М а т е р и а л д а р: 1—3—5 минуталык кум сааттар, саат-конструктор, иштөө үчүн материалдар.

С а б а к т ы н ж ү р ү ш ү.

— Балдар, мен азыр бул кум сааттардын бардыгын бир мезгилде көмкөрөм, анын ар бири ар кандай убакытты көрсөтөт, силер бул кум сааттардагы кум канча минутада куюлуп түшөрүн эсептегиле. (Көрсөтүү.) Бул ак саат канча минутада? (1 минутада.) Ал эми бул кызыл саат канча минутада? (3 минутада.) Бул кара саат канча минутада экенин кимиңер билесиңер? (5 минутада.) Кантип текшерүүгө болот? 5 минутанын ичинде секундомердин жебеси тегеректи канча жолу айланып чыгууга тийиш? (5 жолу.)

5 минутаны саат боюнча да өлчөөгө болот. Мына, бизде кандай сааттар бар? (Саат-конструктор көрсөтүлөт.) Сааттын тегереги боюнча бири-биринен бирдей аралыкта сандар жайгашкан. Жана эки жебеси бар. Бири экинчисинен кандайча айырмаланат? (Узун жана кыска.) Кыска жебеси саатты, узуну минутаны көрсөтөт. Бир сандан экинчи санга чейин узун жебе басып өтүүчү аралык 5 минутага барабар. Сааттын сандарынын арасында кыска сызыкчалар бар. Оля, сааттагы сандан санга чейинки сызыкчалардан арасындагы катарды санап көрчү. (5.) Бир аралык—1 минута. Азыр биз бардык кум сааттагы кум куюлуп бүткөндө, сааттагы

чоң жебе канча айланарын жана секундомердеги жебе канча айланарын көрөбүз. (Баланы чакырып алып, аны секундомерди байкап турусун тапшыруу.)

5 минутада канча минута бар? 5 минута — бул беш жолу 1 минутадан 5 минута ичинде эмне жасап үлгүрүүгө болот деп ойлойсуңар? Азыр биз 5 минутанын ичинде белгиленген иштерди аткарабыз.

1-тапшырма. 5 минутада кагаздан кутуча жасоо (адегенде кагазды бүктөп, кесип жана желимдөө). Балдардын столундагы кум сааттарды жана тарбиячылардын столунда турган сааттарды улам байкап туруу керек. («Юра, 5 минутадан кийин сааттагы чоң жебе кайсы жерге келе турганын көрсөтчү».) Өз убагында бүткөндүгүн жана канча иштерди жасоого үлгүргөндүгүн баалоо.

2-тапшырма. Кесилген жана геометриялык фигуралардын сүрөтү түшүрүлгөн оймо-чиймелерди 5 минутада жыйноо. Канча иштерди жасоого үлгүргөнүн жана өз убагында бүткөнүн баалоо.

### *5 минуталык аралыктын созулушу жөнүндөгү түшүнүктү бекемдөө*

Программалык милдеттер. 1. 5 минуталык аралыктын созулушу жөнүндөгү түшүнүктү бекемдөө.

2. Убакытты кум саат жана саат-конструктор менен көзөмөлдөөнү үйрөтүү.

3. 1—3—5 минуталык иштердин көлөмүн аткаруудагы мүмкүнчүлүктөрдү салыштыруу.

Материалдар: 1—3—5 минуталык кум сааттар, саат-конструкторлор, иштөө үчүн материалдар.

Сабактын жүрүшү.

— Балдар, биз 1 минутада, 3 минутада жана 5 минутада ар кандай тапшырмаларды аткардык жана бул убактарда эмне иштерди бүткөрүүгө үлгүрө тургандыгыбызды көрдүк. Азыр 1 минутада, 3 минутада жана 5 минутада эмне иштерди бүткөрүүгө үлгүрө тургандыгыбызды салыштырабыз.

Үч баланы чакырып, каалаган кум сааттын жанына отурууну сунуш кылуу.

1-тапшырма. Баракка тартылган фигураларды кесүү: бир балага 1 минута, экинчисине 3 минута, үчүнчүсүнө 5 минута берилет. Кум саатты байкап, белгиленген убакыт бүткөндө ишти токтотуу. Акырында салыштырып, ким канча үлгүргөнүн жана ким убакытты байкап турганын айтып берүү.

2-тапшырма. Курулуш материалдарынан дагы үч балага 1 минутада, 3 минутада, 5 минутада үй курдуруу. Кайсы курулушту канча убакта бүтүүгө болорун салыштыруу.

3-тапшырма. Курулуш материалдарынан 5 минутада бардык балдар үй курушат. Кум саат боюнча убакытты байкоо. Иштин убагында бүткөндүгүнө жана курулуштун татаалдыгына баа берүү.

4-т а п ш ы р м а. Чечинип-кийинүүчү бөлмөдө 5 минутада кийинүү. 5 минутада канча кийим кийүүгө болорун аныктоо.

*5 минуталык аралыктагы иштин көлөмүн аныктоо көнүмүшүн калыптандыруу*

П р о г р а м м а л ы к  м и л д е т т е р. 1. Балдарды өз иштеринин созулушун баалай билүүгө үйрөтүү.

2. Балдардын 5 минуталык аралыктын созулушундагы билимин бекемдөө, 5 минутанын жана бир минутанын созулушун салыштыруу.

3. Убакыт аралыгын так аныктай билүүдөн канааттануу сезиминин калыптанылышы.

М а т е р и а л д а р: 3 жана 5 минуталык кум сааттар, кагаз, кайчы, клей, курулуш материалдары.

С а б а к т ы н  ж ү р ү ш ү.

— Менде 3 жана 5 минуталык кум сааттар бар. Балдар, азыр силер саатсыз 3 жана 5 минуталык иштерди аткарасыңар. Силерге убакыт бүткөндөй сезилгенде, 3 минута же 5 минута өткөндө, мен канча десем ошол убакытта силер ишиңерди токтотуп, столдон колуңарды алгыла, силердин убакытты кандай баалай алганыңарды текшерем.

1-т а п ш ы р м а. Курулуш материалдарынан 3 минутада үй куруу. 3 минута өткөндөй сезилгенде ишти аяктоо. Иштин өз убагында бүткөндүгүн баалоо.

2-т а п ш ы р м а. Кагаздан 5 минутада кутуча жасоо: кагаздарды бүктөп кесүү жана желимдөө. 5 минута өткөндөй сезилгенде ишти аяктоо.

3-т а п ш ы р м а. Кагаздан оймо-чийме жасай турган фигураларды 5 минута кесүү. 5 минута өткөндөй сезилгенде ишти токтотуу. Убакыттын созулушун туура баамдоону жана керектүү темпти тандап алып ишти бүтүрүүгө үлгүргөндөрүн баалоо.

*5 минуталык аралыктагы иштин көлөмүн аныктоо көнүмүшүн бекемдөө*

П р о г р а м м а л ы к  м и л д е т т е р. 1. Белгиленген убакытка (5 минут) жараша иштин көлөмүн туура тандай билүүгө үйрөтүү.

2. Өз иштерин убакытка жараша туура пландаштыра билүүдөн канааттануу сезимине тарбиялоо.

М а т е р и а л д а р: кум сааттар, фланелеграф жана үлгү катарындагы оймо-чиймелер, сүрөт тартуу үчүн жана ар түрдүү фигураларды жасоо үчүн кагаз, пластилин (2 бала үчүн).

С а б а к т ы н  ж ү р ү ш ү.

— Балдар, сабакта 5 минутада аткарарлык ишти өзүңөр тандап аласыңар. Муну ким туура аткарарын көрөбүз.

1-т а п ш ы р м а. Үч оймодон 5 минутанын ичинде курастырууга боло турганын тандап алуу. Мындай оймо-чиймелерди фланелеграфтагы фигуралардан жасоо жана саатты байкоо. (Столго

саат-конструкторду коюу керек.) Туура тандап алганын баалап, эмне себептен үлгүргөнүн же үлгүрбөй калганын белгилөө.

2-т а п ш ы р м а. 6 баланы чакырып, анын экөөнө 5 минутада сүрөт тартууга үлгүрөрүн, дагы экөөнө беш минутада жабыштырууга үлгүрөрүн, дагы экөөнө кагаздарды бүктөп үлгүрөрүн айтуу керек. (Балдардын бардыгы сааттарды байкоо менен ишти бир убакытта башташат.) Пландаштыруунун тууралыгына баа берүү.

3-т а п ш ы р м а. Эки балага 5 минутада сүрөт сабагына канча стол даярдап үлгүрөрүн көрүүнү сунуш кылуу. Ишти аткаргандан кийин пландаштыруунун тууралыгына баа берүү.

4-т а п ш ы р м а. Чечинип-кийинүүчү бөлмөдө 4 бала 5 минутада канча кийим кийип үлгүрө турганын көрүү. Тапшырманын аткарылышын текшерүү.

### *10 минуталык аралыктын созулушу менен тааныштыруу*

П р о г р а м м а л ы к  м и л д е т т е р. 1. Балдарды 10 минуталык аралыктын созулушу менен тааныштыруу.

2. 1, 5, 10 минутанын созулушун саат боюнча аныктоого үйрөтүү.

3. Балдар 10 минутанын ичинде эмне жасоого үлгүргөнүн көрсөтүү.

М а т е р и а л д а р: саат-конструктор жана сүрөт тартуу үчүн материалдар.

С а б а к т ы н  ж ү р ү ш ү.

— Азыр сабакта гүл салуучу вазанын сүрөтүн тартабыз. Балдар, силер вазаны канча убакытта тартып жана аны боёого болот деп ойлойсуңар? Муну 10 минутада жасоого аракеттенип көрөлү. Бирок бул 10 минута көппү? Ооба, бул 1 минутадан 10 жолу, же 5 минутадан эки жолу: 5 минута жана 5 минута. Мына эми 5 минутада вазанын сүрөтүн тартып, дагы 5 минутада аны бирдей боёк менен боёп көргүлөчү. (Кантип тартууну түшүндүрүү.)

5 минута өткөндүгүн сааттан кантип билүүгө болот? Ал эми 10 минута өткөндүгүн кантип билебиз? Сааттын чоң жебеси 10 минутадан кийин кайсы жерде болот?

Балдар сүрөт тартууну саатты жүргүзгөндө чогуу башташат (тыныгуусуз сүрөт тартышат.) Мөөнөт бүтөрүнө 1 минута калганда, канча убакыт калганын алардан суроо керек. Балдар канча минута иштешти? 5 минутада жана 10 минутада алар эмне жасап үлгүрүштү?

Вазаларды коoздоого оймо-чиймелердин түрлөрүн ойлоп табууну жана дагы 5 минут вазаны боёону сунуш кылуу. Өз маалында бүткөнүнө баа берүү.

### *Убакытты эсептөөчү приборлор — сааттар менен тааныштыруу*

П р о г р а м м а л ы к  м и л д е т т е р. 1. Убакытты саат менен аныктоого үйрөтүү жана сааттын түзүлүшү менен тааныштыруу.

2. Саатка кызыгууну арттыруу.

Материалдар: ар бир балада циферблаттуу сааттар; тарбиячыда саат-конструктор; балдардын алды жагында тегеректин жартысы жана чейреги.

Сабактын жүрүшү.

— Балдар, табышмак айтайын, уккула: «Бутум жок, басам, оозум жок, бирок качан уктаарды, качан турaарды, качан тамак ичерди, качан ойноорду айтам». Бул эмне? Силердин столуңарда эмне турат, кандай деп ойлойсуңар? (Саат.) Эмне үчүн муну саат деп чечтиңер? Туура-саатта дайыма эки жебе жана цифралар болот. Жебелер эмне үчүн ар кандай узундукта? Ооба, аларды айырмалай билүү керек. Узун жебе эмнени көрсөтөт? (Минутаны.) Ошондуктан бул узун жебени минуталык дейт. Өзүңөрдүн сааттан минуталык жебени көрсөткүлө. Кыска жебе эмнени көрсөтүп турат? (Саатты.) Кыска жебени сааттыкы деп аташат. Сааттык жебени көрсөткүлө. Минуталык жана сааттык жебелер тегерек боюнча ар кандай ылдамдыкта жылат. 1 саатта минуталык жебе тегеректи толук айланып чыгат, ал эми сааттык жебе болсо бир саатта бир цифрадан экинчи цифрага чейинки гана аралыкта жылат.

Минуталык жебе канча минута жылганын билүү үчүн 12 цифрасынан баштап эсептөө керек. Өзүңөрдүн саатыңарда минуталык жебени 12ге, ал эми сааттын жебесин болсо 1 цифрага койгула. Минута жебесин бир айлантып чыккыла. Силердин саат канча болду? Канча убакыт өттү? Ушул сааттын ичинде сааттын жебеси кайсы жерге чейин жылышы керек? (2 цифрасына.) Саат канча болгонун көрсөттү?

Минуталык жебени 1 цифрасына которгула. Минуталык жебе канча минутага жылды? (5 минута.) Силердин саат канча болду? (2 саат 5 минут.)

Минуталык жебени дагы 5 минутага жылдыргыла. Минуталык жебе 12 деген сандан канча минутага жылды? (10 минутага.) Эгер минутанын жебеси 12 ден 12 ге чейин толук бир тегеренсе, канча убакыт өтөт? (1 саат.) Ал эми минута жебеси жарым эле айлансачы? (жарым саат.)

Келгиле, муну текшерип көрөлү. Силердин алдыңарда жарым тегерек бар. Толук тегерек болуш үчүн дагы канча жарым тегерек алууга болот? Тегеректин жарымын алып, аны саатыңардагы циферблатка койгула. Сааттын канча бөлүгү жабылбай калды? 12 цифрасынан баштап сааттын жабылбаган бөлүгүн бүтүндөй айлантып чыккыла. Минуталык жебеси бул аралыкты канча убакта өтөт? (Жарым сатта.) Толук бир саатта сааттын канча жарымы бар? (Эки жарым саат.) Силер өзүңөрдөгү сааттын канча бөлүгүн жаптыңар? (Сааттын жарым бөлүгүн.)

Силердин саатыңардын тегерегинин ачык калган бөлүгүн эмне менен жабууга болот? (Экинчи жарымы менен же эки чейрек бөлүгү менен.) Алдыңардагы чейрегин таап, аны саатыңардын ачык калган төмөнкү бөлүгүнө койгула. Саатыңардын тегерегинин канча бөлүгү жабылбай ачык калды? (Чейрек бөлүгү.) Минуталык жебени сааттын ачык бөлүгү боюнча жылдыргыла. Минуталык жебе сааттын кайсы бөлүгүн өттү? (Сааттын төрттөн бир бө-

лүгүн.) Толук тегеректе канча чейрек бөлүгү бар? (Төрт чейрек.) Толук бир саатта сааттын канча чейрек бөлүгү бар?

Силер бүгүн сааттын эки жебеси бар экенин билдиңер. Алар кандай аталат? Эмне үчүн аларды ушундай аташат? Сааттын жебеси 1 саатта канча аралыкты өтөт? Минуталык жебе жарым саатта канча өтөт? Минуталык жебе сааттын чейрегинде канча өтөт?

*Балдарды бала бакчада саат жана күндүн режими менен тааныштыруу*

Программалык милдеттер. 1. Балдарды саат боюнча убакытты аныктоого үйрөтүүнү улантуу жана тарбиячы белгилеген убактыны балдар өздөрү көрсөтүп берсин.

2. Убакыттын негизги режими болгондугу боюнча алардын билимин тактоо.

Материалдар: ар бир баланын колунда сааттын циферблаты, тарбиячыда саат-конструктор.

Сабактын жүрүшү.

— Бүгүн биз кайрадан саат менен иш жүргүзөбүз. Убакытты көрсөтүү үчүн сааттагы жебенин кайсынысын жылдырабыз? Минуталык жебе канча минута өткөнүн билүү үчүн, кайсы цифрадан баштап эсептейбиз? (12 цифрасынан баштап.)

Өзүңөрдүн саатыңардагы минуталык жебени 12 цифрасына, сааттын жебесин 9 цифрасына койгула. Саат канчаны көрсөттү? Силер эртең мененки саат 9да бала бакчада, кечинде саат 9да үйүңөрдө эмне иш аткарасыңар?

Биз саат 9да иштей баштадык. Адегенде минуталык жебе 5 минута басып өттү. Аны 5 минутага жылдыргыла. Саат канчаны көрсөттү? (Саат 9дан 5 минута өттү же 5 минута 10го кетти.) Анан дагы 5 минута кетти. Жебени жылдырып, саат 9дан канча минута өткөнүн айтып бергиле. (10 минута.) Саатта убакыт канча болду? (Саат 9дан 10 минута өттү же саат 10го 10 минута кетти.) Жебени дагы 5 минутага жылдыргыла. Эми саат канчаны көрсөттү? (10дун чейреги.)

Ал эми 5 минута кем 10ду кантип көрсөтүүгө болот? 10 минута кем 10дучу?

Адатта биздин сабагыбыз канча минутага созулат? (Жарым саатка.) Саат 9 да сабакты баштадык эле. Биз сабакты качан бүтөрүбүздү саатыңардан көрсөтүп бергиле. (Жарым сааттан кийин.) Саатта убакыт канча болот? (Тогуз жарым.)

Жарым саат — бул канча минута? Келгиле, тактайлы. Минуталык жебени 12 цифрасына койгула. Адегенде ал 10 минута жылды. Көрсөткүлө. Анан дагы 10 минутага. Көрсөткүлө. Жарым саат болуш үчүн дагы канча өтүшү керек? (Дагы 10 минута.) Жарым саатта 10 минутадан канча бар? (10 минутадан үчөө демек, 30 минута.)

Жарым саат — бул 30 минута, ошондуктан убакытты аныктоодо тогуз жарым, же тогуздан 30 минута өттү деп айтышат.

1 саатта канча минута бар? (60 минута.) Мен сааттан убакыт-

## МАЗМУНУ

Кириш сөз . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3
*1-глава.* Балдарды сутканын бөлүктөрү менен тааныштыруу . . . . . 5
*2-глава.* 6—7 жаштагы балдарды календарь менен тааныштыруунун ыкмасы 19
*3-глава.* Мектепке чейинки улуу жогорку группалардагы балдарда убакытты сезе билүүнү өнүктүрүү . . . . . . . . . . . . 30

**Тамара Давыдовна Рихтерман**

ФОРМИРОВАНИЕ ПРЕДСТАВЛЕНИЙ О ВРЕМЕНИ
У ДЕТЕЙ ДОШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА

Пособие

для воспитателей детского сада

*На киргизском языке*

**Издательство «Мектеп».**

Которгон *Т. Мамытов*
Редакторлору: *Ж. Мундузбаева, А. Узакова*
Сүрөт редактору *И. Васильев*
Техн. редактору *С. Нурмиева*
Корректору *Д. Ороскожоева*

ИБ № 3084

Терүүгө 26. 10. 84. берилди. Басууга 18. 04. 85. кол коюлду. № 2 типография кагазы. Кагаздын форматы 60×90$^{1}/_{16}$. Адабий арибы, Жөнөкөй ыкма менен басылды, 3,25 физ. басма табак, 3,25 шарттуу басма табак, 3,48 учёттук басма табак, 3,5 шарттуу боёк түшүрүү. Нускасы 1000. Заказ № 341. Баасы 10 т.

«Мектеп» басмасы.
720361. ГСП. Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

10 т.